Окуу пландарын түзүүдө дисциплиналардын мазмунунун ырааттуулугу эске алынат, аларды окутуунун логикалык ырааттуулугу түзүлөт. Ар бир циклдеги тандалма сабактар жана курстар циклдин кесиптик компонентинин дисциплиналарын мазмундуу түрдө толуктайт. Аралык жана жыйынтыктоочу аттестациялоодо студенттердин компетенцияларынын билимин баалоо тартиби иштелип чыккан жана бекитилген документтер менен жөнгө салынат. Студенттерди даярдоонун сапатын контролдоо окутуунун бардык мезгилинде жүргүзүлөт. Студенттердин компетенцияларынын калыптанышынын билимин баалоонун ачык модулдук-рейтингдик системасы киргизилген. Бул система студенттердин системалуу ишин стимулдаштыруу, билимди баалоону дифференциациялоо, ошондой эле студенттердин даярдык деңгээлин баалоонун объективдүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн жогорулатуу максатында колдонулат. Программаларды ишке ашырууну билим берүү программасында камтылган билим чөйрөлөрүндө компетенттүү ПОК, ошондой эле окуу процессинин практика менен тыгыз байланышы ишке ашырат. Университетте регламенттин негизинде ПОК ишин

рейтингдик баалоо системасы түзүлгөн, бул атаандаштык чөйрөнү түзөт жана кадрлардын вертикалдык мобилдүүлүк каналдарын активдештирет. Жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо системасынын болушу кадрдык потенциалдын күчтүү жактары болуп саналат. Профессордук-окутуучулук курам ар кандай эл аралык жана ЖОЖ ичиндеги конференцияларга, семинарларга жана тренингдерге катышат. Ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары тийиштүү аудиториялык фонд, методикалык комплекс, жабдуулар менен камсыз болду. Лекциялык сабактарды жана практикалык иштерди жогорку деңгээлде өткөрүүгө шарттар бар. Инновациялык лабораториялар окутуу практикасынын негиздери болуп эсептелинет. Окуу процессин оптималдаштыруу үчүн мультимедиялык класстар, студенттер үчүн тапшырмалар жайгаштырылган Интернет-ресурстар активдүү колдонулууда. Окуу дисциплиналары зарыл болгон электрондук билим берүү ресурстары менен камсыздалган, алардын олуттуу саны Университеттин Билим берүү серверлеринде жайгаштырылган. Университеттин жетекчилиги студенттердин жана окутуучулардын конференцияларга, конкурстарга катышуусу тууралуу маалыматтарды дайыма чогултуп турат. Бул жетишкендиктер жөнүндө маалымат университеттин сайтында жайгаштырылган. Коомчулукка маалымдоо университеттин сайты аркылуу жүргүзүлөт. Мугалимдер жылдык план боюнча кесипке багыт берүүчү жолугушууларды өткөрүүнү пландаштырууда. Коомчулукка маалымдоо университеттин салттуу ачык эшик күндөрүндө, бүтүрүүчүлөр менен жолугушууларда ишке ашат. Бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу жана эмгек рыногунда кесиптерге суроо-талап маселелери боюнча мониторингдик изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. Акдемиялык беделин жогорулатууга багытталган системалуу иштерди жүргүзөт. Университеттин негизги максаты — сапаттуу билим берүү, илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүү жана коомдогу педагогикалык кесиптин кадыр-баркын көтөрүү аркылуу өзүнүн аброюн чыңдоо болуп саналат.

Бул максатта ОшМПУ төмөнкү чараларды көрөт:

- **Окутуунун сапатын жогорулатуу:** жаңы билим берүү технологияларын, санариптик платформаларды жана эл аралык стандарттарды окутуу процессине киргизүү;
- **Илимий-изилдөө иштерин өнүктүрүү:** окутуучулар менен студенттердин илимий долбоорлорго катышуусун колдоо, эл аралык журналдарда макалаларды жарыялоо жана конференцияларды өткөрүү;
- **Эл аралык кызматташтыкты кеңейтүү:** чет өлкөлүк жогорку окуу жайлар менен өнөктөштүк келишимдерди түзүү, академиялык мобилдүүлүк программаларын ишке ашыруу ж.б.;
- **Кесиптик репутацияны бекемдөө:** бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуу көрсөткүчтөрүн жогорулатуу жана иш берүүчүлөр менен байланыштарды өнүктүрүү;
- **Маалыматтык ачык-айкындуулук:** университеттин жетишкендиктерин, илимий жана коомдук долбоорлорун расмий сайтта жана социалдык тармактарда кеңири чагылдыруу;
- **Ички сапатты камсыздоо системасын өнүктүрүү:** окутуучулардын квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу жана билим берүү программаларын баалоо аркылуу сапатты арттыруу.

Бул иш-чаралардын натыйжасында ОшМПУ республикадагы жана эл аралык деңгээлдеги билим берүү мейкиндигинде өзүнүн академиялык беделин бекемдеп, педагогикалык билим берүүнүн алдыңкы борборлорунун бири катары таанылып келе жатат.

1.7 - критерий. **Билим берүү уюму билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун камсыз кылат.**

Ош мамлекеттик педагогикалык университети билим берүү процессинде студенттердин, окутуучулардын жана кызматкерлердин коопсуздугун камсыз кылууга өзгөчө көңүл бурат. Университеттин коопсуздук саясаты билим берүү чөйрөсүндө физикалык, психологиялык жана санариптик коопсуздук шарттарын түзүүгө багытталган.

Коопсуздукту камсыз кылуу боюнча иш-аракеттер төмөнкү багыттарда жүргүзүлөт:

- **Физикалык коопсуздук:** Окуу корпустарында жана жатаканаларда күзөт жана видео байкоо системалары орнотулган. Өрт коопсуздугу боюнча эрежелер сакталат, эвакуациялык чыгыштар белгиленген, өрт сигнализациясы жана өчүрүүчү жабдуулар үзгүлтүксүз текшерилип турат;
- **Санитардык-гигиеналык шарттар:** Окуу жайда атайын медициналык пункт иштейт жана имараттары үзгүлтүксүз тазаланып, санитардык талаптар сакталып турат. Таза суу, жылытуу жана жарык менен камсыздоо системалары талапка ылайык иштейт;
- **Психологиялык коопсуздук:** Университеттте студенттер жана кызматкерлер үчүн психологиялык колдоо кызматы иштейт, конфликттик кырдаалдарды алдын алуу жана оң чечүү боюнча иш-чаралар уюштурулуп турат. Университеттин алкагында ачылган «Психологиялык лаборатория» үзгүлтүксүз иш алып барат; https://www.instagram.com/p/DRWhU1qiC8G/?utm_source=ig_web_copy_link&igsh=MzRlODBiNWFlZA==
- **Санариптик коопсуздук:** университеттин маалымат системаларына кирүү укуктары жөнгө салынат, жеке маалыматтардын купуялыгы сакталат, IT-коопсуздук боюнча жооптуу адистер иштейт;
- **Өрт жана өзгөчө кырдаалдарга даярдык:** Окуу жайда өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу боюнча ар бир корпуста өрткө каршы күрөшүү шаймандары уюштурулуп, талапка жооп бererлик деңгээлде камсыздалган жана мезгил-мезгили менен окутуулар жана коопсуздук боюнча инструктаждар өткөрүлүп турат.https://www.instagram.com/reel/DJ-yuuhS7Ha/?utm_source=ig_web_button_share_sheet&igsh=MzRlODBiNWFlZA==

Бул чаралар ОшМПУда коопсуз, жагымдуу жана ден-соолукка зыянсыз билим берүү чөйрөсүн түзүүгө өбөлгө түзөт. Натыйжада, студенттер менен кызматкерлердин ишенимдүүлүгү жогорулап, билим алууга жана иштөө үчүн ыңгайлуу шарттар камсыздалат.

1.11-тиркеме. Жарандык коргонуу боюнча иш план.

1.8 - критерий.**Билим берүү уюму ички жана тышкы аудиттин натыйжалары боюнча программаларды өркүндөтүүгө жана билим берүү уюмунун өнүгүүсүнө системалуу түрдө баа берет жана мониторинг жүргүзөт.**

Ош мамлекеттик педагогикалык университети билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында ички жана тышкы аудиттин жыйынтыктарын үзгүлтүксүз талдап, алардын негизинде окуу программаларын жана башкаруу процессин өркүндөтүүгө системалуу түрдө иш жүргүзөт.

**Ички аудит** университеттин сапатты камсыздоо бөлүмү тарабынан жүргүзүлөт. Бул аудит төмөнкү багыттарды камтыйт:

- окуу программаларынын мамлекеттик стандарттарга шайкештигин баалоо;
- окутуучулардын ишинин натыйжалуулугун анализдөө;
- студенттердин билим жетишкендиктерин жана канааттануу деңгээлин изилдөө;
- материалдык-техникалык жана санариптик базанын абалын баалоо.

Ички аудиттин жыйынтыктары боюнча ар бир факультетке жана кафедрага сунуштар берилет, алардын негизинде **жакшыртуу чаралары жана өнүктүрүү пландары** иштелип чыгат.

**Тышкы аудит** — Билим берүү жана илим министрлигинин көзөмөл органдары, аккредитациялык агенттиктер жана өнөктөш уюмдар тарабынан жүргүзүлөт. Тышкы баалоонун жыйынтыктары ОшМПУнун билим берүү сапатын эл аралык жана улуттук талаптарга ылайык жакшыртууга өбөлгө түзөт.
Мониторинг жана баалоо жыйынтыктары университеттин стратегиялык өнүгүү планына, окуу программаларын жаңылоого, ошондой эле кадрдык саясатты өркүндөтүүгө негиз болуп кызмат кылат.

Мындай системалуу иш ОшМПУга билим берүү сапатын жогорулатууга, ички башкаруунун эффективдүүлүгүн арттырууга жана билим берүү уюмунун туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

1.9 - критерий.**Билим берүү уюму билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча саясатты иштеп чыгууга жана кайра карап чыгууга бардык кызыкдар тараптарды тартат.**

Ош мамлекеттик педагогикалык университети билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу саясатын иштеп чыгууда жана мезгил-мезгили менен кайра карап чыгууда ачыктык, катышуучулук жана көп тараптуулук принциптерине таянат. Бул процесске бардык кызыкдар тараптар — окутуучулар, студенттер, администрация өкүлдөрү, бүтүрүүчүлөр, иш берүүчүлөр жана коомдук уюмдар — активдүү катышат.
Саясатты иштеп чыгуу жана жаңылоо иштери төмөнкү жолдор менен ишке ашырылат:


- **Окуу-усулдук кеңештерде жана факультеттик жыйындарда талкуулоо** – окутуучулар жана кафедралар сапатты камсыздоонун актуалдуу маселелери боюнча сунуштарын беришет;
- **Студенттик кеңеш жана өзүн-өзү башкаруу уюмдарынын катышуусу** – студенттер окуу процесси, баалоо системасы жана билим сапаты боюнча өз пикирлерин билдиришет;
- **Иш берүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөр менен пикир алмашуу** – жумушка орношуу жана кесиптик даярдык деңгээли боюнча баалоо жүргүзүлүп, жыйынтыктары саясатка киргизилет;
- **Тышкы эксперттердин жана аккредитациялык агенттиктердин сунуштарын эске алуу** – билим берүү программаларынын сапатын эл аралык талаптарга шайкеш келтирүү максатында.

Бул ыкма ОшМПУда билим берүүнүн сапаты боюнча саясатты **реалдуу муктаждыктарга, коомдук суроо-талаптарга жана рыноктун талабына** ылайык жаңылоого шарт түзөт. Натыйжада, сапатты камсыздоо системасы иш жүзүндө эффективдүү иштейт жана билим берүү уюмунун өнүгүүсүнө туруктуу негиз түзөт.

**Күчтүү жактар**

1. ОшМПУнун миссиясынын так аныкталып, коллективге, жалпы студенттерге (университеттин баардык факультеттеринде окуган) жана коомчулукка белгилүү болушу;

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | **2.** Адистиктердин кадрлар менен камсыз болушу алардын нормативдик талаптарга дал келиши;<br>**3.** ОшМПУнун жана деканаттардын, кафедралардын стратегиялык жана учурдагы пландарынын көрсөтүлгөн мөөнөтүндө ишке ашырылышы;<br>**4.** Билим берүү сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга, контролдоого жана кайра кароого ОшМПУнун жетекчилиги жана кызыктар тараптардын катышуусу; | |
| **2.** | **2 - Стандарт. Адам ресурстарын башкаруу** | 2.1 - критерий.**Билим берүү уюму адам ресурстарын башкаруунун ачык жана объективдүү механизмдери жана жол-жоболору, анын ичинде персоналдын жана билим алуучулардын жүрүм-турумунун этикалык ченемдерине ээ**<br>Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде адам ресурстарын башкаруу иши **ачыктык**, **адилеттүүлүк** жана **объективдүүлүк** принциптерине негизделет. Университетте кызматкерлерди тандоо, жайгаштыруу, кызматтык өнүгүү жана эмгекти баалоо боюнча так механизмдер жана ички жоболор иштелип чыккан.<br>**Адам ресурстарын башкаруунун негизги механизмдери төмөнкүлөр:**<br>• **Кадрларды тандоо жана жумушка алуу процедуралары:** бош кызмат орундары жөнүндө маалымат расмий сайтта жана ачык булактарда жарыяланат; талапкерлердин документтери ачык кароодон өтөт жана тандоо комиссиясы тарабынан объективдүү бааланат. | |




- 

**2.**1-тиркеме.Жумушка кабыл алуу боюнча жобо.Жумушка кабыл алуудагы сыноо мөөнөтү боюнча жобо.

- **Кызматтык өнүгүү жана квалификацияны жогорулатуу:** ар бир окутуучуга жана кызматкерге кесиптик өсүү мүмкүнчүлүгү түзүлүп, үзгүлтүксүз билим берүү курстарына катышуу колдоого алынган.

2.2-тиркеме. Персоналды өнүктүрүү боюнча жобо.
2.3-тиркеме. Окуу жайдын кадр саясаты боюнча жобосу.
2.4-тиркеме. Билимди өркүндөтүү боюнча жобо.

- **Иштин натыйжалуулугун баалоо:** окутуучулардын жана кызматкерлердин ишинин сапаты белгиленген критерийлер боюнча бааланат; жыйынтыктары сыйлоо же мотивациялык чараларды көрүүдө колдонулат.

2.5.-тиркеме. Окуудагы жана эмгектеги жетишкендиктери боюнча сыйлыкка көрсөтүү жөнүндөгү жобо.
Мындан тышкары, университетте жүрүм-турумдун этикалык ченемдери так белгиленген.

- **Окутуучулар жана кызматкерлер үчүн** — академиялык чынчылдык, кесиптик этика, студенттер менен адилет мамиле, кызматтык ыйгарым укуктарды туура колдонуу принциптери каралган;

**2.**6-тиркеме.Академиялык чынчылдык боюнча жобо.

- **Студенттер үчүн** — окуу тартибин сактоо, сабакка катышуу, академиялык адептүүлүк (плагиатка каршы туруу), өз ара урмат-сый принциптери бекемделген.

Бул этикалык ченемдер университеттин **Жүрүм-турум кодексинде** жана **ички тартип эрежелеринде** чагылдырылган жана аларды бузуу учурунда дисциплинардык чаралар колдонулат.

Мындай ачык жана адилеттүү адам ресурстарын башкаруу системасы ОшМПУда ишенимдүү, коопсуз жана этикага негизделген академиялык чөйрөнү калыптандырууга өбөлгө түзөт.

**2.2 - критерий. Билим берүү уюму персоналды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүүнү жана квалификациясын жогорулатууну камсыз кылат.**

Ош мамлекеттик педагогикалык университети (ОшМПУ) өзүнүн кызматкерлеринин кесиптик өнүгүүсүнө жана квалификациясын жогорулатуусуна чоң көңүл бурат. Университет персоналды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү программаларына тартат, бул программалар кызматкерлердин билим деңгээлин жогорулатууга, заманбап билим берүү технологияларын өздөштүрүүгө жана илимий-методикалык компетенцияларын күчөтүүгө багытталган. Ошондой эле, университетте эмгектенген окутуучулар улуттук жана эл аралык деңгээлдеги семинарлар, тренингдер, конференциялар жана стажировкалар аркылуу квалификациясын жогорулатууга колдоо көрсөтөт. Бул иш-аракеттер персоналдын кесиптик потенциалын өнүктүрүүгө жана билим берүү сапатын жогорку деңгээлде камсыздоого шарт түзөт.

Окутуучулардын жана кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу университеттин стратегиялык милдеттеринин бири болуп саналат:

- Окутуучуларды окутуу жана кайра даярдоо концепциясын бекитүү;
- Өлкө үчүн приоритеттүү болгон предметтерди жана окутуу багыттарын аныктоо;
- Улуттук билим берүү платформасын түзүү (бардык мугалимдер үчүн онлайн курстарды камтыган бирдиктүү портал);
- Окутуучулар үчүн жасалма интеллект (AI) технологияларын колдонуу боюнча окуу ресурстарын киргизүү;
- Окутуучулар үчүн интерактивдүү санарип инструменттерди (Google Classroom, Canva, Kahoot, Padlet ж.б.) колдонуу боюнча практикалык сабактарды уюштуруу;
- Санариптик сабактарды биргеликте түзүү боюнча практикалык мастер-класстарды уюштуруу;
- Тематикалык курстарды (STEAM, инклюзия, санарип сабактар) жана тренингдерди уюштуруу;
- Ар бир 5 жылда окутуучулардын аттестациядан өтүүсүн камсыздоо;
- Жогорку квалификациялуу окутуучулар үчүн материалдык сыйлыктарды жана карьералык өсүү мүмкүнчүлүктөрүн камсыздоо;
- «Мыкты окутуучу», «Мыкты усулчу», «Мыкты лектор»,«Мыкты куратор» ж.б. конкурстук иш чараларды жыл сайын уюштуруу;
- Окутуучулар үчүн атайын стимулдук гранттарды берүү;
- Окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу боюнча иш-чаралардын натыйжалуулугун баалоо ж.б.

ОшМПУнун окутуучуларынын жана кызматкерлеринин кесиптик жана квалификациялык өсүү саясаты персоналдын инвестицияларынын натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган, бул окутуучулардын жана кызматкерлердин үзгүлтүксүз кесиптик өсүшүн камсыз кылат жана күчтүү корпоративдик маданиятты, жоопкерчилик чөйрөсүн жана бардык кызматкерлердин университеттин өнүгүшүнө салым кошууга умтулуусун шарттайт.

ОшМПУ окутуучулардын республикалык жана эл аралык квалификация жогорулатуу курстарына катышуусун финансылык жана уюштуруучулук жактан камсыз кылууда.

Мисалы, 2022-жылдын 15–17-августта Россия Федерациясынын Татарстан Республикасына караштуу

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Елабуга шаарындагы Елабуга институтунда XXII Эл аралык мугалимдер фестивалы өттү. Үч күндүн ичинде фестивалда 17 ачык лекция жана 100дөн ашуун мастер-класстар уюштурулду. Аларда Россиянын 55 аймагынан, Кыргызстан менен Казакстандан келген 850 мугалим офлайн дагы эки миңден ашуун мугалим онлайн форматында катышышты. Аталган иш-чарага окуу жайыбыздын Мектеп мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу, ЖОЖго чейинки даярдоо жана үзгүлтүксүз билим берүү бөлүмүнүн башчысы – Ж.Р. Шербаева жана колледждин окуу иштер боюнча директордун орун басары – Л. Жумашовалар катышышып, тиешелүү сертификаттарын алып келишти.<br>2023-жылдын январь, февраль айларында КР ББжИМ лицензия: № Е-2022-0007. Burana STEAM College жана ONLINE UNIVERSITY тарабынан уюштурулган «Кызыктуу сабак өтүүнүн заманбап ыкмалары» аталышындагы 72 сааттык квалификациясын жогорулатуу курсунан 140 окутуучу өтүштү.<br>2023-жылдын март айында «Иш менен камсыз кылууга жана кесиптик билим берүүгө көмөк көрсөтүү» Кыргыз-Герман GIZ долбоору тарабынан «Жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү кесипке багыт берүү» аттуу квалификациясын жогорулатуу семинар – тренингинен 6 окутуучу катышып өз билимдерин жогорулатышты. Натыйжада, «Кесипке багыт берүү» боюнча окуу программасына Башталгыч билим берүү жана окутуунун методикасы адистикетирине дисциплина катарында 2021-2022-окуу жылында киргизилген.<br>2023-жылдын Февраль айынан USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору жана биздин бөлүм тарабынан ЖОЖдордун жана педагогикалык колледждердин максаттуу кафедраларынан 64 окутуучуларына пландаштырылып, 28-29-апрель, май жана июнь күндөрү Математика боюнча 1-10-базалык жана тереңдетилген модулдарды окутуу жана калыптандыруучу баалоо каражаттарын колдонуу боюнча кесиптик чеберчилигин жогорулатуу боюнча тренингдер уюштурулуп, өткөрүлдү. Натыйжада, 2023-жылы “Математикалык көндүмдөрдү калыптандыруу” предмети окуу планга дисциплина катары киргизилген.<br>2023-жылдын май айында КР ББжИМ лицензия: LS 190004340 И. Разаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети тарабынан «Дисциплиналарды окутууда STEAM технологияларды колдонуу» жана «Билим берүүнүн сапатын башкаруунун заманбап технологиялары» программалары боюнча 72 сааттык квалификациясын жогорулатуу курсунан 30 окутуучу өттү.<br>2023-жылдын апрель айында КР ББжИМ лицензия:№ К-77/23 «Аян» окуу борбору тарабынан пайызы «Инновациялык педагогика технологиялар жана STEM билим берүүнүн негиздери PISA жана окутуунун усулдары программасы боюнча», 72 сааттык курстан 45 окутуучу өтүштү.<br>2023-жылдын сентябрь айында КР ББжИМ лицензия:№ LS180000473 NUR SAYAKAT BILIM тарабынан PISA-2025 изилдөөсүнө даярдоо максатында уюштурулган «STEM багытын окутуунун теориясы жана методикасы» аттуу окуу курсуна 40 окутуучу катышып, кесиптик чеберчилигин жогорулатышты.<br>2024-жылдын март, май аларында «Заманбап билим берүү технологиялары виртуалдык, электрондук платформалар жана 3d форматтагы предметтерди билим берүүдө колдонуу жолдору», «Билим берүүдө Жасалма Акыл Платформаларын колдонуу», «Илимий изилдөө жүргүзүүдө Жасалма Акыл Платформаларын пайдалануу» боюнча тренигдер уюштурулуп өткөрүлдү. Жалпы 70 окутуучу катышышты.<br>2024-жылдын май айында «STEM билим берүүнүн артыкчылыктары» деп аталган семинар-тренинг | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | уюштурулуп, 52 окутуучу өз билимдерин бекемдешти, тиешелүү сертификатка ээ болушушту.<br>Университетте өткөрүлгөн семинар, тренинг, форум, конгресс, конференциялар:<br>➢ “Педагогдун инновациялык ишмердүүлүгүнүн кесипти-педагогикалык аспектилери” семинар- 2021ж.<br>➢ ААОПО тарабынан уюштурулган “Проведение самооценки образовательных программ и учебных заведений” 11.11.2023.<br>➢ ONLINE UNIVERSITY тарабынан уюштурулган “Билим берүүдө Жасалма акыл платформаларын колдонуу” 72 сааттык курс-2024ж.<br>➢ “Илмий изилдөөнүн заманбап ыкмалары”-аталышындагы илим изилдөөчүлөрдүн жана аспиранттардын жайкы мектеби-2024-ж.<br>➢ НААР тарабынан уюштурулган “Международая аккредитация –ключевой механизм обеспечения качества образования” ОшМПУ-2024-ж.<br>➢ “ORCID Community: KG Innitiative”-ОшМПУ 2025-ж.<br>➢ Международный научно-практический форум “Междисциплинарный диалог: новые горизонты для развития” ОшМПУ-2024г.<br>➢ Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими Сыдык Алайчиевдин элесине арналган “Агартуучулук- билим берүүнүн өзөгү” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция. ОшМПУ-2024-ж.<br>➢ II Эл аралык “Манас”педагогикалык изилдөөлөр конгресси. ОшМПУ-2024-ж.<br>ОшМПУ Россия, Корея, Башкирия, Татарстан сыяктуу көптөгөн өлкөлөрдүн университеттери менен кызматтык келишимдерди түзүп, окутуучулар жогорудагы өлкөлөрдөн өз билимдерин өркүндөтүп келишүүдө.<br>**2.7-тиркеме.https://www.facebook.com/share/p/1Cu5yb6P7Z/**<br>**2.8-тиркеме.https://www.facebook.com/share/p/14RXJUwjQKm/**<br>**2.9-тиркеме.https://www.facebook.com/share/p/18wQKKnSko/**<br>**2.10-тиркеме.https://www.facebook.com/share/p/1Dt1Bwj5Gr/**<br>**2.11-тиркеме.https://www.facebook.com/share/p/1Djb7Sp1QW/**<br>**2.12-тиркеме.https://www.facebook.com/share/p/17q5XZvEqJ/**<br>**2.13-тиркеме.https://www.facebook.com/share/p/1BsNNt3X3K/**<br>**2.14-тиркеме.https://www.facebook.com/share/p/1DTjxm15nS/**<br>**2.15-тиркеме.https://www.facebook.com/share/p/14PBEDioHfP/**<br>**2.16-тиркеме.https://www.facebook.com/share/p/195nfWN3SB/**<br>**2.17-тиркеме.https://www.facebook.com/share/p/1BPEkP5wjK/**<br>**2.18-тиркеме.https://www.facebook.com/share/p/1WHez1zntH/**<br>**2.19-тиркеме.https://www.facebook.com/share/p/1BhAcYqs3a/**<br>**2.20-тиркеме.https://www.facebook.com/share/p/15t8cuF5fg/**<br>**2.21-тиркеме.https://www.facebook.com/share/p/1Bx74kxHNd/** | |

**2.3 - критерий. Билим берүү уюму персоналдын ишин баалоонун, алардын натыйжалары боюнча чечимдерди кабыл алуунун ачык-айкын, объективдүү механизмдерине жана көрсөткүчтөрүнө ээ.**

Ош мамлекеттик педагогикалык университети (ОшМПУ) билим берүү тармагында өзүнүн уникалдуу ордун ээлеп, профессионалдык даярдыгы жогору, түзүмдүк жана уюштуруу жагынан мыкты иштөөчү командага ээ. Персоналдын ишин баалоо жана алардын натыйжалары боюнча чечимдерди кабыл алуу университеттин өнүгүүсүндө өтө маанилүү роль аткарат.

**Персоналдын ишин баалоонун максаттары**

Натыйжалуулугун жогорулатуу: Персоналдын ишине системалуу баалоо жүргүзүү аркылуу бардык кызматкерлердин жогорку натыйжалуулугун камсыз кылуу.

Өсүштү колдоо: Ишинин жыйынтыктарына карап кызматкерлерге өнүгүү жана билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн сунуштоо.

Мотивация жаратуу: Персоналдын ишинде жетишкендиктерди таануу жана сыйлоо аркылуу мотивацияны жогорулатуу.

**Баалоо механизмдери**

Көрсөткүчтөрдү аныктоо: Ишти баалоо үчүн конкреттүү көрсөткүчтөр белгилениши керек. Окуу процесси, илимий изилдөөлөр, коомдук кызматтар, студенттердин пикирлери сыяктуу аспектилерди киргизүү.

Жеке жана жамааттык баалоо: Персоналдын иши жеке жана команда деңгээлинде бааланат. Бул кызматкерлердин индивидуалдуу жетишкендиктерин жана командалык натыйжаларды улантууга жардам берет.

Кесиптик өнүгүү планы: Баалоо натыйжаларына негизделген, ар бир кызматкер үчүн жеке кесиптик өнүгүү планы түзүлөт.

**Ачык-айкындык жана объективдүүлүк**

- Гармониялуу аракеттер: Ишти баалоо процессинде ачык-айкын механизмдер, маалыматтарды чогултуу жана анализдөө ыкмалары колдонулушу керек.

- Студенттердин пикирлери: Студенттердин баа берүүсү, куратордун жана коллегаларынын пикирлери дагы баалоо үчүн маанилүү.

- Регулярдуу отчеттуулукту камсыздоо: Персоналдын ишинин натыйжаларын регулярдуу баалоо аркылуу отчеттуулукту камсыздоо.

**Чечимдерди кабыл алуу**

- Персоналдын ишинин натыйжалары боюнча чечимдерди кабыл алууда анализдөө жана баалоо системасынын негизинде негизделет.

- Мурунку баалоолорго көз жүгүртүү аркылуу, келечектеги пландар жана стратегиялар түзүлөт.

Ош мамлекеттик педагогикалык университети персоналдын ишин баалоо процессин уюштуруу аркылуу билим берүү сапатын, негизги принциптерди жана максаттарды алдыга коет. Мындай системалуу жана объективдүү

мамиле, университеттин жалпы өнүгүүсүн камсыз кылууда маанилүү иш милдети болуп эсептелет.

**2.22-тиркеме.**Эмгектеги ийгиликтери үчүн сыйлыкка көрсөтүү жобосу.

Университетте эмгектенген кызматкерлердин ишин баалоодо жана материалдык кызыкчылыктарын колдоо максатында айлык маянага кошулган кошумча төлөмдөр:

Торчо №1

| **Кызматтык орундардын аталышы** | | **Сом** |
|---|---|---|
| Профессор: | илимдин доктору, профессордук аттестат | 27000 |
| | илимдин доктору, доценттик аттестат | 26500 |
| | илимдин доктору, профессордук жана доценттик аттестатсыз | 26500 |
| | илимдин кандидаты, профессордук аттестат | 26500 |
| | илимдин кандидаты, доценттик аттестат | 26300 |
| | окумуштуулук даражасыз, доценттик аттестат | 26000 |
| | окумуштуулук даражасыз, доценттик аттестатсыз | 25500 |
| Доцент: | илимдин доктору, доценттик аттестат | 26500 |
| | илимдин доктору, доценттик аттестатсыз | 26500 |
| | илимдин кандидаты, доценттик аттестат | 26300 |
| | илимдин кандидаты, доценттик аттестатсыз | 26000 |
| | окумуштуулук даражасыз, доценттик аттестат | 26000 |
| | окумуштуулук даражасыз, доценттик аттестатсыз | 25500 |
| Улук окутуучу: | илимдин кандидаты | 26000 |
| | окумуштуулук даражасыз | 25500 |
| Окутуучу, ассистент-стажер | илимдин кандидаты | 26000 |
| | окумуштуулук даражасыз | 25000 |

Мындан сырткары, ОшМПУда штаттык негизде иштеген илимдин докторлоруна - 12000 (Он эки миң) сом, илимдин кандидаттарына 7000(Жети миң) сом. ОГПИнин эмгек сиңирген кызматкерлерине – 800 (сегиз жүз)

сом, ардактуу кызматкерлерине – 600 (алты жүз) сомдон кошумча төлөндү.

2024-жыл ичинде илимдин доктору окумуштуулук даражасы коргогон кызматкерлерге, илим жактагандыгы үчүн материалдык стимул катарында бир жолу берилүүчү төлөмдүн эсебинен илимдин доктору окумуштуулук даражасын коргон кызматкерге – 125000 (Бир жүз жыйырма беш миң) сом, илимдин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн –75000 (Жетимиш беш миң) сом акчалай сыйлыктар төлөндү.

Ал эми, мугалимдердин окуу жүктөмдөрүнө жана эмгек стажына ылайык эсептелинген, айлык акы боюнча маалымат 2 сандуу торчодо көрсөтүлдү.

Торчо №2

| | **оклад** | **Жүктөм** | **Саатына** | **пед.стаж** | **кошумча** | **Баары** | **соц. фонд** | **салык** | **проф. взн.** | **баары** | **колго** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ага окутуучу 13 жыл пед стаж | 10799 | 1,5 | 16199 | 3240 | 25500 | **44939** | 4494 | 3979 | 449 | 8923 | **36016** |
| Ага окутуучу 8 жыл пед стаж | 10799 | 1,5 | 16199 | 2160 | 25500 | **43859** | 4386 | 3882 | 439 | 8707 | **35152** |
| Ага окутуучу 3 жыл пед стаж | 10799 | 1,5 | 16199 | 1080 | 25500 | **42779** | 4277,9 | 3785,07 | 428 | 8490,7 | **34288** |
| Окутуучу 13 жыл пед стаж | 9905 | 1,5 | 14858 | 2972 | 25000 | **42830** | 4283 | 3790 | 428 | 8501 | **34329** |
| Окутуучу 8 жыл пед стаж | 9905 | 1,5 | 14858 | 1981 | 25000 | **41839** | 4184 | 3700 | 418 | 8303 | **33536** |
| Окутуучу 3жыл пед стаж | 9905 | 1,5 | 14858 | 991 | 25000 | **40849** | 4085 | 3611 | 408 | 8104,7 | **32744** |
| Ага окутуучу 13 жыл пед стаж | 10799 | 1 | 10799 | 3240 | 25500 | **39539** | 3954 | 3493 | 395 | 7843 | **31696** |
| Окутуучу | 9905 | 1 | 9905 | 1981 | 25000 | **3688** | 3689 | 3255 | 369 | 7312 | **29574** |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 8 жыл пед стаж | | | | | | **6** | | | | | | |
| Окутуучу 3 года пед стаж | 9905 | 1 | 9905 | 991 | 25000 | **3589 6** | 3589, 6 | 3165,6 4 | 358,9 6 | 7114, 2 | **28782** |

Колледж боюнча мугалимдердин окуу жүктөмдөрүнө жана эмгек стажына ылайык эсептелинген, айлык акы боюнча маалымат 3 сандуу торчодо көрсөтүлдү.

Торчо №3

| | **оклад** | **Жүктөм** | **сааты на** | **пед. стаж** | **кошумча** | **Баары** | **соц. фонд** | **салык** | **проф. взн.** | **баары** | **колго** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Окутуучу 13 жыл пед. стаж | 14045 | 1,5 | 21068 | 4214 | 15000 | **40281** | 4028 | 3560 | 403 | 7991 | **32290** |
| Окутуучу 8 жыл пед стаж | 14045 | 1,5 | 21068 | 2809 | 15000 | **38877** | 3888 | 3434 | 389 | 7710 | **31166** |
| Окутуучу 3 жыл пед. стаж | 14045 | 1,5 | 21068 | 1405 | 15000 | **37472** | 3747, 2 | 3307 ,48 | 375 | 7429,4 | **30043** |
| Окутуучу без стажа | 14045 | 1,5 | 21068 | | 15000 | **36068** | 3606, 8 | 3181 ,08 | 360,68 | 7148,5 | **28919** |
| Окутуучу 13 жыл пед. стаж | 14045 | 1 | 14045 | 4214 | 15000 | **33259** | 3326 | 2928 | 333 | 6587 | **26672** |
| Окутуучу 8 жыл | 14045 | 1 | 14045 | 2809 | 15000 | **31854** | 3185 | 2802 | 319 | 6306 | **25548** |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| пед. стаж | | | | | | | | | | | | |
| Окутуу-чу 3 жыл пед стаж | 14045 | 1 | 14045 | 1405 | 15000 | **30450** | 3045 | 2675,46 | 304,5 | 6024,9 | **24425** |
| Окутуу-чу без стажа | 14045 | 1 | 14045 | | 15000 | **29045** | 2904,5 | 2549,05 | 290,45 | 5744 | **23301** |
| Окутуу-чу Бакалавр | 12876 | 1 | 12876 | | 15000 | **27876** | 2787,6 | 2443,84 | 278,76 | 5510,2 | **22366** |

**2.4 - критерий.Билим берүү уюмунда кызматкерлерди сыйлоонун жана мотивациялоонун ыкмалары жана каражаттары бар.**


ОшМПУда кызматкерлерди сыйлоо жана мотивациялоо үчүн ар түрдүү ыкмалар жана каражаттар колдонулат. Бул ыкмалар төмөнкүлөрдү камтыйт:

**1. Материалдык сыйлоо каражаттары:** Окутуучулардын аткарган иш-аракеттерине карап, факультеттин жыйынында каралып татыктуу кызматкерге айлык акыга кошумча төлөмдөр жана үстөктөр, бир жолку сыйлыктар жана премиялар, эмгек майрамдарына, кесиптик майрамдарга карата материалдык колдоо максатында берилет;

**2. Материалдык эмес мотивациялоо ыкмалары:**Окутуучулар жана административдик кызматкерлер Ардак грамоталар, ыраазычылык каттар, сыйлыктар менен сыйланышат,кызматкерлердин башка тараптардан жетишкен ийгиликтери көпчүлүк алдында белгиленет, «Мыкты окутуучу», «Мыкты усулчу», «Мыкты лектор» ж.б.у.с.конкурстук мелдештерде номинациялар аркылуу сыйланышат;

**3. Кесиптик өнүгүүгө шарт түзүү:**Университет тарабынан квалификацияны жогорулатуу максатында октуучуларды курстарга жөнөтүү, семинар, тренингдерге катышууга мүмкүндүк берүү, илимий долбоорлорго, конференцияларга катышууга колдоо көрсөтөт жана финансылык каражаттарын камсыздайт;**https://www.facebook.com/share/p/1BsNNt3X3K/**,**https://www.facebook.com/share/p/1Dt1Bwj5Gr/**, **https://www.facebook.com/share/p/18wQKKnSko/**

**4. Социалдык мотивация:**ОшМПУ ар бир кызматкер үчүн жумуш ордунда ыңгайлуу жана коопсуз шарттарды түзгөн, Социалдык пакет, медициналык колдоо, эс алуу жайларына жолдомо берүү, жамааттык иш-чараларды уюштуруу боюнча жобо. Университетте кызматкерлердин ден-соолугун чыңдоо максатында «Мамакеев» санаториясы, «Жалал-Абад» курорту, Ысык-Көлдүн

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | айрым пансионаттарына атайын жолдомолор берилет, мындан сырткары кызматкерлердин социалдык абалына карап элүү миң сом (50 000сом) өлчөмүндө кайтарымсыз акчалай жардам көрсөтүлөт, университеттин жамаатына белгилүү күндөрү маданий эс алуу иш чаралары уюштурулуп турат;<br>**5. Моральдык-психологиялык мотивация:** кызматкерлердин пикирин угуу, алардын демилгелерин колдоо, иште адилеттүү мамиле жана таза атаандаштыкты камсыз кылуу, ар бир кызматкердин жетишкендиктерин таанып, баалоо. Университетте ачылган психологиялык борбор кызматкерлерге үзгүзтүксүз моралдык-психологиялык жактан жардам көрсөтүп турат.https://www.facebook.com/share/v/1Zy3cLjEkw/<br>**2.23-тиркеме.**Эмгектеги ийгиликтери үчүн сыйлыкка көрсөтүү жобосу.<br>**2.5 - критерий. Билим берүү уюму кызматкерлердин канааттануу деңгээлине системалуу түрдө мониторинг жүргүзүп, эмгек шарттарын жакшыртуу боюнча чараларды көрөт.**<br>ОшМПУ кызматкерлердин ишке болгон канааттануу деңгээлин системалуу түрдө байкап, мониторинг жүргүзүп турат. Мониторингдин жыйынтыктарына таянып, эмгек шарттарын жакшыртуу, кызматкерлердин муктаждыктарын эске алуу жана алардын иштей турган ыңгайлуу чөйрөсүн түзүү боюнча тиешелүү чараларды көрөт.<br>**Диаграмма изменения численности сотрудников университета за 2020-2026-учебные годы**<br><br> | |

Кадрларды кармап калуу үчүн ыңгайлуу эмгек шарттарын, ийкемдүү графиктерди, кесиптик жана жеке өнүгүү ресурстарына жеткиликтүүлүктү жана социалдык колдоо программаларын камсыз кылат. Окутуучулардын жана кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу университеттин стратегиялык милдеттеринин бири болуп саналат. ОшМПУнун окутуучуларынын жана кызматкерлеринин кесиптик жана квалификациялык өсүү саясаты персоналдын инвестицияларынын натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган, бул окутуучулардын жана кызматкерлердин үзгүлтүксүз кесиптик өсүшүн камсыз кылат жана күчтүү корпоративдик маданиятты, жоопкерчилик чөйрөсүн жана бардык кызматкерлердин университеттин өнүгүшүнө салым кошууга умтулуусун шарттайт.Университетте кызматкерлердин жыл ичинде аткарган иштерине, жетишкендиктерине карап ар кандай даталуу күндөрдө Ардак грамоталар, ыраазычылык каттар, сыйлыктар менен сыйланышат, кызматкерлердин башка тараптардан жетишкен ийгиликтери көпчүлүк алдында белгиленет, мындан сырткары «Мыкты окутуучу», «Мыкты усулчу», «Мыкты лектор» ж.б.у.с. конкурстук мелдештердин жеңүүчүлөрү номинациялар жана кызыктыруучу сыйлыктар менен сыйланышат.Илим жаатында үзүрлүү эмгектенген кызматкерлер үчүн дагы ар кандай сый акы төлөмдөрү университеттин деңгээлинде жоболор иштелип чыгып, каралган.

Университет «**Рейтингдик басылмаларда илимий эмгектери үчүн кызматкерлерге берилүүчү шыктандыруучу төлөмдөрдү белгилөө тартибинин**» негизинде университетте төмөнкүдөй сыйлоо жана мотивация формалары колдонулат:

- Scopus, Web of Science эл аралык илимий базаларда индекстелген журналдарда макала жарыялаган окутуучуларга журналдын квартилине жараша 20 000 сомдон 80 000 сомго чейин акчалай сыйлык берүү;
- эл аралык жана республикалык гранттык долбоорлорго катышкан окутуучуларды материалдык жана моралдык жактан сыйлоо;
- илимий иштердин жыйынтыктарын окуу процессине киргизген окутуучуларды Ардак грамота, ыраазычылык кат менен сыйлоо;
- илимий жетишкендиктерди окутуучулардын аттестация жана конкурстук тандоо учурунда эске алуу.

2.25-тиркеме. Skopus базасынан чыгарылган илимий макала үчүн төлөнүүчү акча каражаты боюнча жобо.

**Стандарттын күчтүү жана алсыз жактары окутуучучулук-профессордук курамга коюлуучу минималдуу талаптар:**

**Күчтүү жактары:**

1. Кызматкерлерди кабыл алуу, баалоо, көтөрмөлөө жана сыйлоо процессинде так, алдын ала белгиленген эрежелердин болушу;
2. Персоналдын ишмердүүлүгүн баалоодо критерийлердин аныктыгы жана бирдей колдонула тургандыгы адилеттикке шарт түзөт;
3. Бардык тараптарга бирдей шарттардын түзүлүшү (гендер, улут, пикир, социалдык статус айырмасына карабастан) адам ресурстарын адилет башкарууга мүмкүнчүлүк берет;
4. Окутуучуларга илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө түртkү берүү;

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 5. Кадрдык саясат, этикалык кодекс, ички эмгек тартиби, окуу тартиби сыяктуу документтердин болушу жана жаңыланып туруусу — башкаруунун туруктуулугунун индикатору;<br>6. Кызматкерлердин канааттануусу, ички процесстердин иштеши, этикалык нормалардын сакталуусу боюнча үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүлөт.<br>**Алсыз жактары:**<br>1.Кесиптик дисциплиналар боюнча билим берүү программасына ылайык келген окуу куралдарынын жана окуу китептеринин өздүк иштеп чыгууларынын жетишсиз саны; | |
| **3.** | **3 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар** | **3.1 - критерий. Билим берүү уюму билим алуучулардын жана персоналдын ар кандай топтору үчүн жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстарды жана алардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат.**<br>ОшМПУ билим берүү процессинин сапатын жогорулатуу максатында студенттерге жана персоналга зарыл болгон материалдык жана маалыматтык ресурстарды жетиштүү деңгээлде камсыздайт. Университеттин окуу имараттары, лабораториялары, китепканалары, компьютердик класстары жана атайын жабдылган аудиториялары билим алуунун заманбап талаптарына ылайыкташтырылган. Ошондой эле маалыматтык ресурстар – электрондук китепканалар, онлайн базалар, санариптик билим берүү платформалары жана технологиялык инфраструктура – бардык категориядагы билим алуучулар менен кызматкерлер үчүн эркин жана бирдей жеткиликтүү. Мунун натыйжасында ар бир студент жана кызматкер билим алуу жана кесиптик өнүгүү үчүн зарыл болгон шарттар менен толук камсыздалып, окуу процессинин эффективдүүлүгү жогорулайт.<br>ОшМПУнун ишмердүүлүгү студенттерге кесиптик өсүүгө да, инсандык өнүгүүгө да керектүү бардык көндүмдөрдү берүү максатында билим берүү, изилдөө жана илимий программаларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга багытталган. Студенттин интеллектуалдык потенциалын жана инсан катары кадыр-баркын сыйлоо биринчи орунда турат. Бардык материалдык-техникалык жана маалыматтык ресурстар университеттин ишмердүүлүгүнө, миссиясына жана стратегиясына шайкеш келет. ОшМПУнун материалдык-техникалык базасы окуу пландарында каралган лекциялык, лабораториялык жана практикалык сабактардын бардык түрлөрүн, ошондой эле окуучулардын илимий-изилдөө иштерин өткөрүүнү камсыз кылат. Мындан тышкары, ал колдонулуп жаткан санитардык-техникалык нормаларга жана мамлекеттик адистик стандарттарынын лицензиялык талаптарына ылайык келет. Жыл сайын университеттин материалдык-техникалык жана социалдык базасы модернизацияланат, бул билим берүү процессин сапаттуу камсыз кылуу үчүн натыйжалуу, жетиштүү жана оңой жеткиликтүү материалдык-техникалык жана маалыматтык ресурстарды жогорулатат. ОшМПУда окуу процессин ишке ашыруу үчүн окуу корпусу, инновациялык окуу корпусу,жатаканын биринчи этажы иштейт. Лицензиялануучу багыттар боюнча билим берүү программаларын нормалдуу шартта уюштуруу үчүн кафедралардын материалдык-техникалык базасы негизинен талаптарга жооп берет. ОшМПУнун окуу аянттары жетиштүү: ар бир студентке туура келүүчү аянт 12 м$^2$, 12 студентке 1 персоналдык компьютер туура келет.<br>Имараттардын билим берүү поцессине пайдаланууга жарактуулугу жөнүндөгү Ош шаардык мамлекеттик | |

санитардык –эпидомиологиялык көзөмөл жана ооруларды алдын алуу борборунун 2019-жылдын 20-декабрындагы №0336-1365, ОШ шаардык өрткө каршы мамлекеттик кызмат башгармалыгынын 2019-жылдын 15-февралындагы №4 корутундусундагы “Имараттарды жана кааналардын өрт коопсуздук талаптарына дал келүүсү” боюнча мамлекеттик өрткө каршы кызматынын бутүмдөрү эч кандай шарт коюсуз берилген. Окуу процесси жүргүзүлүүчү имарат жана окуу кааналары өрт коопсуздугу жана санитардык-эпидемиологиянын талаптарына жооп берет.

ОшМПУнун базасында 2 ашкана уюштурулган. Башкы корпустагы ашкана 100 орундуу, ал эми жаңы корпуста 40 орундуу. Ашканаларды жана анда иштегендерди квартал сайын Ош СЭС кызматкерлери (санитардык-эпидемиологиялык текшерүү боюнча түзүлгөн 07-37 АКТы 19.01.2016) тарабынан текшерилип турат. Анын “Патша” бөлүштүрүү линиясы, электромарминттер, газ плиталары, электр плиталары, пароконвектоматтар, күрүч кайнатуучулар, электросквородкалар, бышыруучу шкафтар жана суу кайнаткычтар менен жабдылган.

Сабактарды камсыздоо:

Жалпысынан аудиториянын болушу, окуу корпусу университеттин окуу пландарында каралган теориялык жана практикалык сабактардын көпчүлүгүн өткөрүүгө жетиштүү шарт түзөрүн көрсөтөт. Бул окуу корпусу жана андагы лабораториялык кааналар, жогоруда айтылган сабактардан тышкары, студенттердин өз алдынча аудиториядан тышкаркы иши үчүн да колдонулат. Компьютердик класстар керектүү программалар менен камсыздалган. Компьютердик класстардагы компьютерлерге орнотулган программалык камсыздоолор студенттердин программалоо жана программалык продуктуларды тестирлөө жаатында жана башка теориялык билимдерин бышыктоо, практикалык көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн колдонулат. ОшМПУда окуу процессин колдоо үчүн төмөнкү ресурстар бар

- Китепкана;
- 2 окуу залы:
- 16 компьютердик зал;
- 688 даана компьютер;
- 59 даана проектор;
- 39 интерактивдүү доска (smartboard);
- 65 даана интерактивдүү панел;
- 123 даана принтер жана көп кызматтуу түзүлүштөр;
- 150 даана web-камера;
- 24 даана телевизор;
- 4 видеокамера;
- 3 музей;
- 2 жабык спорт залы жана 4 ачык спорт аянтча,
- 1 телестудия студенттердин билим алуусуна багытталган.

**Компьютердик класстардын комплектелиши жөнүндө маалымат**

| Компьютердик класстар | Орундардын саны | Компьютерлердин саны |
|---|---|---|
| **16** | **393** | **688** |

**Китепкана фонду бүгүнкү күндө электрондук китепкана менен бирге 113213 түзөт.**

| № | Бөлүмдөр | Китептин саны |
|---|---|---|
| 1 | Абонемент | 53935 |
| 2 | Окуу залы | 12252 |
| 3 | Колледж китепканасы | 17850 |
| 4 | Кечки жатакана китепканасы | 17241 |
| 5 | Электрондук китепкана | 11935 |
| | | |
| | **Жалпы** | **113213** |

ОшМПУнун китепканасы учурда университеттин финансылык колдоосу менен жаңы чыккан окуу китептерин сатып алууда.

Интернет аркылуу электрондук китептерди пайдаланууга алынган жеткиликтүүлүк (доступ) мугалимдер менен студенттерге маалыматтык-библиографиялык жана китепканалык тейлөөдө жаңы технологияларды колдонууга мүмкүндүк берет. ОшМПУнун китепканасында 2 окуу залы бар, ал студенттер жана окутуучулар курамы үчүн каралган электрондук окуу залы менен айкалыштырылган. ОшМПУнун китепканасынын веб-сайтында төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөр ишке ашырылган: Электрондук каталогго онлайн-жеткиликтүүлүк (доступ), ата мекендик жана чет өлкөлүк электрондук маалыматтык ресурстарга жана алдыңкы дүйнөлүк компаниялардын маалымат базаларына акысыз жеткиликтүүлүк, окуу, илимий жана билим берүү ресурстарына шилтемелер, интернеттеги электрондук китепканалар.Учурда китепкана салттуу (басма басылмалар) жана электрондук ресурстарга ээ. Библиотекада китепканаларды автоматташтыруу системасы (САБ) «ИРБИС64+» жана Web-ИРБИС электрондук системаларына жаңы форматта иштөөгө өттү. Китепканада автоматташтыруу системасы (САБ) «ИРБИС64+», автоматташтырылган китепкананы жөнгө

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | салат:<br>- Администратор<br>- Комплектатор<br>- Каталогизатор<br>Бул система боюнча китепкана электрондук каталогду түзүп берет.<br>Илимий китепкананын электрондук маалыматтык ресурстарына бирдиктүү жетүү чекитин камсыз кылуу үчүн, китепкананын сайты негизги платформа катары кызмат кылат. пункттардын бардыгы илимий китепкананын веб-сайтынын (Library Website) жана Китепкананы Автоматташтыруу Системасынын (КАС) алкагында окурмандарга көрсөтүлүүчү негизги заманбап электрондук кызматтар болуп саналат.<br>Китепканадагы мүмкүнчүлүктөр китепкананын веб-сайтынын жана КАСтын (Китепкананы Автоматташтыруу Системасы) негизги интерактивдүү (өз ара аракеттенүүчү) жана маалымдоочу функцияларын толуктайт. Илим изилдөөчүлөр жана окутуучулар үчүн атайын электрондук сайттарга эркин кирүү үчүн 2022-жылы ОшМПУ китепканасы ЭКА (электрондук китепканалар Ассосациясына) официалдуу түрдо мүчо болуп кирген жана КИРЛИБНЕТтин каталогундагы бардык сайттарга эркин кирүү мүмкүнчүлүгү бар.<br>ОшМПУнун китепканасы төмөнкү китепканалар менен байалнышат:<br>3.1-тиркеме.Т.Сатылганов атындагы областык китепкана;<br>3.2-тиркеме.Шаардык китепкана;<br>3.3-тиркеме.ОшМПУнун китепкананын иштөөсү боюнча жобо.<br>Ош мамлекеттик педагогикалык университети коммуникация иштерин ар тараптуу уюштуруп, маалыматты оперативдүү жана жеткиликтүү кылуу максатында бир нече расмий каналдарды пайдаланат. Негизги маалымат булактары төмөнкүлөр:<br>1.«Мурас» теле студиясы.<br>• Университеттин видео-контентин даярдоо жана эфирге чыгаруу менен алектенет: жаңылыктар, иш-чаралардын репортаждары, маектешүүлөр, илимий жана маданий долбоорлордун видеолору;<br>• Видео формат аркылуу аудиторияга толук, визуалдык түрдө маалымат жеткирилет — окуу процесси, лабораториялык иш, студенттердин жана окутуучулардын жетишкендиктери боюнча репортаждар.<br>2.Facebook (Фейсбук).<br>• Окуялардын оперативдүү кабарлануулары, сүрөттөр, окуяларга чакыруу жана расмий билдирүүлөр үчүн негизги платформа;<br>• Комментарийлер жана жеке билдирүүлөр аркылуу студенттер, бүтүрүүчүлөр жана ата-энелер менен эки тараптуу байланыш жүргүзүлөт.<br>3.Instagram (Инстаграм).<br>• Визуалдык мазмун (сүрөттөр, кыска видеороликтер, сторилер) аркылуу күнүмдүк жашоо, маданий-спорттук иш-чаралар жана инфографика көрсөтүлөт;<br>• Story жана Reels форматтары менен окуучуларды жана жаш аудиторияны активдүү тартуу иштери жүргүзүлөт. | |

4.Университеттин атайын сайты.

- Бардык расмий документтер, окутуу программалары, академиялык календардын өзгөрүүлөрү, илимий басылмалар, кабыл алуу жана контакт маалыматтары биринчи кезекте ушул сайтта жарыяланат;
- Сайт — расмий булак катары бардык төгүндөө, жарлык жана талаптар боюнча негизги ишенимдүү маалымат булагы болуп эсептелет.

**Критерий 3.2. Билим берүү уюму материалдык жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуунун механизмдерине жана индикаторлоруна ээ.**

Ош мамлекеттик педагогикалык университети (ОшМПУ) билим берүү процессинин сапатын жогорулатуу максатында материалдык-техникалык жана маалыматтык ресурстарды үзгүлтүксүз жакшыртууга багытталган натыйжалуу механизмдерге жана аларды баалоочу так индикаторлорго ээ.
Материалдык ресурстарды жакшыртуунун төмөндөгү механизмдери каралган:

- Университеттин инфраструктурасын өнүктүрүү боюнча стратегиялык планды ишке ашыруу;
- Окуу корпустарын, лабораторияларды жана аудиторияларды заманбап жабдуулар менен камсыз кылуу;
- Мамлекеттик бюджеттен, гранттык долбоорлордон жана демөөрчүлөрдөн каржылоо тартуу;
- Материалдык базанын абалын мезгил-мезгили менен мониторинг кылуу жана жаңылоо;
- Энергияны үнөмдөөчү жана инновациялык технологияларды киргизүү.

Маалыматтык ресурстарды жакшыртуунун төмөндөгү механизмдери каралган:

- Университеттин электрондук билим берүү чөйрөсүн (LMShttps://avn.oshmpu.kg/ өнүктүрүү;
- Санариптик окуу-методикалык материалдардын санын көбөйтүү;
- Интернет инфраструктурасын жана Wi-Fi камтуу аймагын кеңейтүү;
- Окутуучулардын жана студенттердин санариптип сабаттуулугун жогорулатуу;
- Илимий маалымат базаларына (электрондук журналдар, платформалар) жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу.

ОшМПУ материалдык жана маалыматтык ресурстарды жакшыртууну билим берүү сапатын жогорулатуунун негизги шарттарынын бири катары карайт. Иштеп жаткан механизмдер жана индикаторлор университеттин туруктуу өнүгүүсүнө жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө өбөлгө түзөт.
Топтолгон жана анализделген маалымат билим берүү программаларынын негизги натыйжалуулук көрсөткүчтөрүн (ННК), студенттер контингентинин динамикасын жана алардын жетишкендик деңгээлин, ошондой эле материалдык-техникалык базанын абалын эске алат.Билим алуучулардын билим берүүнүн сапатына жана тандалган билим берүү программаларына канааттануусу; билим берүү ресурстарынын жана студенттерди колдоо кызматтарынын жеткиликтүүлүгү, ошондой эле билим берүү программаларынын бүтүрүүчүлөрүнүн ишке орношуусу жана карьералык өсүшү эске алынат. ОшМПУда маалыматты чогултуу, талдоо жана башкаруу процессин автоматташтыруу үчүн университеттин расмий сайтын колдонуунун

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | алкагында программалык каражаттар колдонулат.<br>Билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча ички системаны колдоо жана өнүктүрүү максатында Университет:<br>✓ маалыматтык-билим берүү порталын иштеп чыгат, киргизет жана колдонот AVN avn-mstyn-mumkunchuluktoru.pdf<br>✓ өз ишмердүүлүгүнүн натыйжаларына карата талаптарды аныктайт;<br>✓ Университеттин билим берүү кызматтарына карата билим алуучулардын, жумуш берүүчүлөрдүн, профессордук-окутуучулук курамдын (ПОК) жана бүтүрүүчүлөрдүн канааттануусун баалоону жүргүзөт;<br>✓ ишмердүүлүктүн бардык багыттарына анализ жана мониторинг жүргүзөт.<br>Информациялык-билим берүү порталы AVN. Бул университеттин бардык чыныгы окуяларын жана академиялык процесстерин чагылдырган борборлоштурулган маалымат базаларын камтыган автоматташтырылган маалыматтык система.<br>Китепкана жана электрондук китепкана университеттин бардык студенттери үчүн жеткиликтүү. Жеткиликтүүлүк окуу жылынын башында бардык студенттерге берилүүчү окурмандык билеттер (читательский билет) аркылуу камсыздалат. Окурмандык билеттерде каттоо номерлери, студенттин аты-жөнү жана атасынын аты чагылдырылат жана ал ар бир окуу жылы үчүн узартылат. Китепкана башчысы (заведующая библиотекой) окурмандык билеттин негизинде ар бир студентке окурмандык баракча (читательский листок) ачат. Ар бир студент керектүү китептерди тоскоолдуксуз алат, ошондой эле каттоодон өткөндөн кийин электрондук ресурстарга жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.<br>Студенттерди колдоо кызматы болуп кураторлор, деканаттар жана Жаштар комитети саналат, алар студенттердин бош убактысын концерттик программалар, ар кандай маданий-көңүл ачуучу иш-чаралар менен уюштуруу менен гана чектелбестен, ошондой эле жылга түзүлгөн иш-планга ылайык окуу жаатында да жардам жана колдоо көрсөтүшөт.<br>Университет бардык студенттер үчүн жеткиликтүү болгон материалдык жана маалыматтык ресурстарга ээ, атап айтканда:<br>● Билим берүү уюмунда электрондук маалыматтык-билим берүү чөйрөсүнүн болушу;<br>● Материалдык-техникалык базага жеткиликтүүлүк;<br>● Үчүнчү тараптардын электрондук билим берүү жана маалыматтык ресурстарынын болушу;<br>● Электрондук документ жүгүртүү маалымат базасынын болушу ж.б.<br>ОшМПУ мекемесинин ишинде маалыматтык-телекоммуникациялык тармактарды колдонуу, ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары боюнча адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуунун маанилүү милдеттерин чечүү үчүн глобалдык Интернет тармагын пайдалануудан жана окуу жайдын ички эсептөө тармагын башкаруу процессине активдүү киргизүүдөн турат.<br>Бул критерийди аткаруунун анализ жыйынтыгына таянып, критерий аткарылды деп ишенимдүү айтууга болот.<br><br>**3.3 - критерий. Билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасы билим берүү чөйрөсүнүн** | |

**коопсуздук талаптарына шайкеш келет.**

| **5.** | **5 - Стандарт. Илимий иш (жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү уюмдары үчүн)** | **5.1 - критерий.Билим берүү уюму илимий жана илимий-методикалык изилдөөлөрдү жүргүзөт.** Университеттин илимий-изилдөө ишмердүүлүгү — профессордук-окутуучулук курамдын жана педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуунун ажырагыс бөлүгү болуп, адистерди жана илимий-педагогикалык кызматкерлерди даярдоонун негизин түзөт. А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети илимий жана илимий-методикалык изилдөөлөрдү Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин саясаты, ошондой эле университеттин 2022-2026-жылдарга карата өнүгүү стратегиясы менен аныкталат жана жөнгө салынат. Университеттин илим жаатындагы өнүгүү стратегиясы билим берүүнү, илимди жана инновацияны мындан ары интеграциялоону карайт жана 2023-жылдын 8-августунда № 170 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Илим жөнүндө мыйзамынын негизинде иш алып барат.<br>Учурда университетте Кыргыз Республикасындагы изилдөөнү талап кылган актуалдуу жана изилденбеген маселелердин тизмесине ылайык аспиранттарды жана илим изилдөөчүлөрдү даярдоодо тандалып алынган изилдөө иштердин темалары мектептик, орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган келечектүү жана узак мөөнөттүү илимдин фундаменталдык, коомдук, жана гуманитардык багыттары боюнча изилдөө иштерин жүргүзүп жатат. 2024-жылда жалпысынан ОшМПУда эмгектенген илимпоз окутуучулардын авторлугу астында 338 макала, 15 окуу колдонмо, 2 монография басмадан чыккан.<br>Жарыяланган макалалардын, окуу-усулдук колдонмолордун жана монографиялардын факультет боюнча тизмесин https://oshmpu.kg/administraciya/okuu-ishteri-boyuncha-prorektor/2479-2024-zhylga-basmadan-chykan-monografiyalardyn-zhana-okuu-usulduk-koldonmolordun-tizmesi.html шилтемеси аркылуу көрүүгө болот.<br>КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 2-ноябрындагы №5323/1 буйругунун негизинде КРнын ББжИМнин Лицензиялоо боюнча кеңешинин №14-1 протоколуна ылайык 14 илимий адистик боюнча күндүзгү жана сырттан окуу формасы үчүн аспирантурага лицензия алынып адистер даярдалууда:<br>1) 03.02.01 Ботаника<br>2) 03.02.04 Зоология<br>3) 03.02.08 Экология (тармактар боюнча)<br>4) 07.00.02 Атамекендин тарыхы<br>5) 07.00.07 Этнография, этнология жана антропология<br>6) 10.02.01 Кыргыз тили | |

7) 10.01.01 Кыргыз адабияты
8) 10.02.06 Турк тилдери
9) 10.02.20 Салыштырма-тарыхый, типологиялык жана тектештирме тил илимдери
10) 13.00.01 Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим беруунун тарыхы
11) 13.00.02 Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана усулу (билим беруунун денгээли жана тармагы боюнча)
12) 13.00.08 Кесиптик билим беруунун теориясы жана усулу
13) 25.00.36 Геоэкология (тармактар боюнча)
14) 25.00.23 Физикалык география жана биогеография, топурак географиясы жана ландшафттык геохимия.

Акыркы 5 жыл аралыгында окуу жайда 1 илимдин доктору жана 11 илимдин кандидаты окумуштуулук даражалар корголуп дипломдорго ээ болушкан (5.1-6. – тиркеме).

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 29-мартындагы №335/1 буйругунун негизинде кесиптик билим берүү программалары боюнча төмөндөгү магистрдик программанын багыттары ачылган:

- 550200 – Физика-математикалык билим берүү;
- 550400 – Социалдык-экономикалык билим берүү;
- 550700 – Педагогика;
- 550300 – Филологиялык билим берүү;
- 550100 – Табигый илимий билим берүү;
- 550600 – Көркөм билим берүү.

Магистрдик программа боюнча күндүзгү окуу формасы 2 жыл, ал эми сырттан окуу үчүн 2,5 жылды түзөт, окутуунун формасы келишимдик негизде жүргүзүлөт.

Бүгүнкү күндө аталган бөлүмдө жалпы 407 магистрант окуп, илимий изилдөө иштерин жүргүзүп келүүдө. Жыл сайын салттуу түрдө жылына 2 жолу университетте жаш окумуштуулардын жана аспиранттардын, магистранттардын жана студенттердин аймактык илимий-практикалык конференциясы өткөрүлөт ( https://www.facebook.com/share/p/1RsnTdisfv/ ).

Илимий-изилдөө иштерине жигердүү катышкан, аспиранттар, магистранттар жана студенттер баяндама презентацияларды жасашат, эң мыкты илимий макалалар ОшМПУнун Жарчысына жарыкка чыгарылат.

Студенттердин жана магистранттардын илимий-изилдөө иштери илимдин түрдүү багыттары боюнча жүргүзүлүп келет, магистранттардын илимий долбоорлорду аткаруу жумуштарына тартылган.

5.1-1-тиркеме. ОШМПУнун 2022-2026-жылдарга өнүгүү стратегиясы
5.1-2 – тиркеме. Кыргыз Республикасынын Илим жөнүндө мыйзамын
5.1-3-тиркеме. Кыргыз Республикасындагы изилдөөнү талап кылган актуалдуу жана изилденбеген маселелердин тизмеси
5.1-4 –тиркеме. ОшМПУда аспиранттар жана илим изилдөөчүлөр тарабынан изилдөөгө алынган артыкчылыктуу темалар
5.1-5. – тиркеме. Аспирантура боюнча лицензиялар

5.1-6. – тиркеме. Акыркы 5 жыл аралыгында корголгон илимий иштер

**5.2 - критерий. Билим берүү уюму жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстарга ээ, илимий изилдөөлөр үчүн алардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат.**

А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети илимий-изилдөө иштерин жогорку деңгээлде жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берген жетиштүү материалдык, техникалык жана маалыматтык ресурстарга ээ. Материалдык жана маалыматтык ресурстар ОшМПУда илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн негизин түзөт. Бул ресурстар жогорку сапаттагы илимий-изилдөө иштерин аткаруу жана квалификациялуу адистерди даярдоо үчүн зарыл. Университетте заманбап лабораториялар, окуу-илимий борборлор, компьютердик жана мультимедиялык аудиториялар иштейт. Алар эксперименттик, аналитикалык жана колдонмо изилдөөлөрдү жүргүзүүгө керектүү жабдуулар жана программалык камсыздоо менен жабдылган. Студенттер, магистранттар, аспиранттар жана окутуучулар илимий долбоорлорду ишке ашыруу жана бүтүрүү квалификациялык иштерин аткаруу үчүн университеттин лабораториялык жана компьютердик кааналардан пайдалана алышат.


ОшМПУнун китепкана-маалымат борбору окурмандарды басма жана электрондук ресурстар менен камсыз кылат, ошондой эле эл аралык илимий маалымат базаларына (РИНЦ, Scopus) кирүү мүмкүнчүлүгүн берет. Scopus илимий маалымат базасынан акысыз пайдалнуу үчүн Кыргызстандагы университтер менен биргеликте концорциум түзүлүп анын натыйжасында университеттин аймагында жана андан сырткаркы аймактарда корпоративдик почта аркылуу Scopus сайтына кирип акысыз пайдалана алышат (5.2-1-тиркеме). Университеттин базасында окутуучулар менен студенттердин илимий эмгектерин камтыган электрондук репозиторий, ошондой эле аткарылган изилдөөлөрдүн жана гранттык отчеттордун санариптик маалымат базасы түзүлүп, ийгиликтүү иштеп жатат.

Университеттин материалдык-техникалык жана маалыматтык ресурстарына билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын жеткиликтүүлүгү камсыздалган. Илимий ишмердүүлүктү колдоо жана изилдөөчүлөрдүн компетенциясын жогорулатуу максатында лабораториялык жабдууларды, маалымат базаларын жана заманбап илимий анализ инструменттерин пайдалануу боюнча окуу семинарлары, методикалык тренингдер жана консультациялар үзгүлтүксүз өткөрүлүп турат.

А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети илимий-изилдөө иштерин натыйжалуу уюштурууга жана өнүктүрүүгө бардык шарттарга ээ болуп, материалдык жана маалыматтык ресурстардын жеткиликтүүлүгүн окутуучулар менен студенттердин бардык категориялары үчүн камсыздайт.

Методикалык, окуу жана илимий адабияттарды чыгарууга болгон талаптардын өсүшүнө жараша басма ишмердүүлүгүнүн мааниси да жогорулап, университет тарабынан басмакана ишке киргизилген. Басмаканада профессордук окутуучулук курамдын илимий эмгектери акысыз басылып чыгарылат (5.2-2-тиркеме). Окуу процессине маалыматтык технологиялардын, жеке компьютерлердин кеңири киргизилиши менен окуу китептеринин, окуу колдонмолорунун жана методикалык адабияттардын электрондук версияларын чыгаруу зарылдыгы келип чыкты. Ушуга байланыштуу эң маанилүү милдеттердин бири болуп — бар болгон формаларды өркүндөтүү жана жаңы формаларды, басма ишмердүүлүгүн оптималдаштыруунун ыкмаларын

издөө, ЖОЖ басылмаларынын теориялык, методикалык жана илимий деңгээлин жогорулатуу саналат. Окутуучулар окуу программасына, мамлекеттик билим берүү стандартына (типтик жумушчу окуу планына жана квалификациялык мүнөздөмөгө), эмгек рыногунун талабына жооп берген жана билим берүүнүн сапатын жогорулатууга өбөлгө түзгөн окуу колдонмолорун, окуу китептерин даярдоо үстүндө иш алып барышат. Акыркы 5 жылдын ичинде төмөнкүдөй илимий эмгектер РИНЦ илимий базасында катталган журналдарда жарыяланып, басмадан чыккан (https://elibrary.ru/org_profile.asp?id=20440):




5.2-1-тиркеме. Скопус илимий базасынан пайдалануу боюнча түзүлгөн концорциум

5.2-2-тиркеме. ОшМПУнун басмаканасынын иши боюнча Жобо

**5.3 - критерий. Билим берүү уюму илимий-изилдөө стажировкасынан өтүүгө, илимий натыйжаларды жана кадрларды алмашууга көмөк көрсөтөт.**

Университет илимий-педагогикалык кызматкерлердин, аспиранттардын жана магистранттардын квалификациясын жогорулатууга багытталган эл аралык жана ЖОЖдор аралык кызматташтыкты өнүктүрүүдө. Окутуучулар жана жаш изилдөөчүлөр академиялык мобилдүүлүк программаларына, эл аралык конференцияларга жана илимий форумдарга катышып, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн алдыңкы билим берүү жана илимий мекемелеринде стажировкалардан өтүшөт.

Университет Erasmus программасы менен активдүү кызматташып, окутуучуларды, манистранттарды жана студенттерди алмашуу алкагында иштер жолго коюлду (https://www.facebook.com/share/p/1Cm3Wp8aUh/?mibextid=wwXIfr). Илимий-изилдөө стажировкаларын өткөрүүгө, илимий жыйынтыктар жана кадрларды алмашуу боюнча ар дайым активдүү иштер жүргүзүлүп келет. Акыркы 5 жыл аралыгында бул багытта иштер өтө активдүү жүрдү. 2023-жылдын 11-январдан 27-январга чейин университеттин дене тарбия жана музыка адистиги боюнча 24 окутуучусу Казань федералдык университетинин Елабуга институтуна барып, өз квалификациясын жогорулатуу менен тажрыйба алмашып кайтышты (https://kutbilim.kg/news/inner/oshmpunun-24-okutuuchusu-kazanda-kesiptik-cheberchiligin-zhogorulatty/ , https://bilim.akipress.org/unews/un_post:26332).

Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары рецензияланган журналдарда жарыяланып, ар кандай деңгээлдеги конференцияларда сунушталат жана окуу процессинде колдонулат. РИНЦ илимий базасында университеттин

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | профессордук-окутуучулук курамынын 1044 макаласы индексация болгондугун көрүүгө болот (https://elibrary.ru/org_profile.asp?id=20440). Акыркы жылдары Scopus илимий базасындагы басылмалардан илимий макалаларды чыгаруу жолго коюлду жана окутуучулардын макалалары жыл өткөн сайын бул илимий базада көбөйүү жолунда баратат (https://www.scopus.com/pages/organization/60279632). Чет элдик жана мамлекетибиздеги жогорку окуу жайлар менен кадр алмашуу максатында окуу жайда конок лекция аталышындагы тажрыйба жакшы жолго коюлду. Россиянын, Казакстандын, Озбекстандын жана алыскы чет элдик кесиптер менен тажрыйба алмашуу үзгүлтүксүз ишке ашууда. Өнөктөш жогорку окуу жайлары менен кызматташуу тажрыйба алмашууга, алдыңкы педагогикалык жана изилдөө практикаларын жайылтууга, ошондой эле университеттин кадрдык потенциалын чыңдоого өбөлгө түзөт.<br>5.3-1-тиркеме. Профессор Дүйшөн Шаматов конок лекцияда<br>5.3-2-тиркеме. Профессор Тасилкан Жумабаевадан конок-лекция<br>5.3-3-тиркеме. Белгилүү балдар жазуучусу Сулайман Рысбаев ОшМПУда<br>5.3-4-тиркеме.Наманган мамлекеттик университетинин окумуштуулары конок-лекция өтүштү<br>5.3-5-тиркеме. Ярослав мамлекеттик педагогикалык университетинин өкүлдөрү конок лекцияда<br>5.3-6-тиркеме. РУДН өкүлдөрүнүн конок лекциясы<br>**5.4 - критерий. Билим берүү уюму педагогдордун сыйлоо системасын жана илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларын билим берүү ишинде жана практика менен байланышта колдонуу боюнча индикаторлорун пайдаланат.**<br>А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде профессордук-окутуучулук курамдын илимий-изилдөө ишмердигин өнүктүрүү жана анын жыйынтыктарын билим берүү процессине интеграциялоо максатында сыйлоо жана натыйжалуулукту баалоо системасы иштейт. Бул система илимий потенциалды жогорулатууга жана илим менен практиканын байланышын чыңдоого багытталган.<br>1. Сыйлоо системасы<br>«**Рейтингдик басылмаларда илимий эмгектери үчүн кызматкерлерге берилүүчү шыктандыруучу төлөмдөрдү белгилөө тартибинин**» негизинде университетте төмөнкүдөй сыйлоо жана мотивация формалары колдонулат:<br>• Scopus, Web of Science эл аралык илимий базаларда индекстелген журналдарда макала жарыялаган окутуучуларга журналдын квартилине жараша 20 000 сомдон 80 000 сомго чейин акчалай сыйлык берүү;<br>• эл аралык жана республикалык гранттык долбоорлорго катышкан окутуучуларды материалдык жана моралдык жактан сыйлоо;<br>• илимий иштердин жыйынтыктарын окуу процессине киргизген окутуучуларды Ардак грамота, ыраазычылык кат менен сыйлоо;<br>• илимий жетишкендиктерди окутуучулардын аттестация жана конкурстук тандоо учурунда эске алуу.<br>2. Натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрү (индикаторлор) | |

Университетте илимий-изилдөө ишмердигинин натыйжалуулугун жана анын билим берүү процессине тийгизген таасирин баалоо үчүн төмөнкү индикаторлор колдонулат:

- окутуучулардын жарыялаган илимий эмгектеринин саны жана сапаты. Скопус жана РИНЦ илимий базаларындагы ОшМПУнун окутуучулук курамынын Хирш индекси (H-index) боюнча (илимий ишмердүүлүгүнүн таасирин жана натыйжалуулугун өлчөгөн негизги көрсөткүч) боюнча рейтингдер белгиленип жеңүүчүлөр сыйланат. Ошондой эле ОшМПУ жарчысы илимий усулдук журналы менен тыгыз иштешкен окутуучулар жыл сайын белгиленет (5.4-1-тиркеме);
- илимий иштердин жыйынтыктары негизинде түзүлгөн окуу куралдары, усулдук көрсөтмөлөр, билим берүү программалары жана санариптик ресурстар окуу процессинде колдонулат. Анткени, илим-изилдөө окутуу процессинин сапатын жакшыртат: Окутуучулардын изилдөөлөрү сабактарды заманбап маалымат менен байытып, студенттерди сынчыл ой жүгүртүүгө жана аналитикалык изденүүгө үйрөтөт
- илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын дисциплиналардын жумушчу программаларына жана окуу пландарына киргизүү. Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде окутуучулардын жүргүзгөн илимий изилдөөлөрүнүн натыйжалары окуу процессине системалуу түрдө интеграцияланат. Ар бир кафедра өзүнүн илимий багытына ылайык иштелип чыккан изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын тиешелүү дисциплиналардын жумушчу программаларына, силлабустарына жана окуунун жыйынтыктык модулдарына киргизет (5.4-2-тиркеме);
- студенттердин жана магистранттардын илимий долбоорлорго катышуусу, конференцияларда баяндама жасоосу.Студенттик илим жаштардын кесиптик, академиялык жана инсандык өнүгүүсүндө негизги ролду ойнойт. Ал кесиптик көндүмдөрдү өрчүтүүгө жана келечектеги карьерага даярдануруга уникалдуу мүмкүнчүлүктөрдү берет. Студенттердин илимий конференциялары – бул башка өзү сыяктуу изилдөөчүлөр менен байланышуу үчүн сонун мүмкүнчүлүк. Мисалга 2024-жылы “Нарктуу үй-бүлөлүк педагогика” аталышындагы студенттердин аймактык конференциясы студенттердин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн колдоого, аларды чыгармачыл жактан өнүктүрүгө жана профессионалдык жөндөмдөрүн өркүндөтүүгө багытталган (5.4-3-тиркеме).

3. Илим менен практиканын байланышы

Университет окутуучуларынын илимий изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары педагогикалык практикада активдүү колдонулат. ОшМПУ негизги базалык мектептер жана билим берүү мекемелери менен тыгыз кызматташат, анда жаңы усулдар жана инновациялык окутуу технологиялары апробациядан өткөрүлөт.

Илимий-практикалык конференциялар, семинарлар жана тегерек столдор үзгүлтүксүз уюштурулуп, университеттин илимпоздору менен мектеп мугалимдеринин ортосунда тажрыйба алмашуу жүргүзүлөт. Акыркы 2024-жыл ичинде төмөнкү таблицадагы илимий семинарлар жана конференциялар уюштурулуп тажырыйба алмашуу жогорку деңгээлде уюштурулган.

**Өткөрүлгөн регионалдык, республикалык, эл аралык илимий конференциялар, симпозиумдар, илимий семинарлар жана тегерек столдор**

| № | Өткөрүлгөн күнү | Уюштуруучулар жооптуулар | Конференциялар,тегерек столдор, Симпозиумдар |
|---|---|---|---|
| | 29-январь 2024-ж. | КЫРГЫЗПАТЕНТТИН ТҮШТҮК АЙМАКТАР АРАЛЫК БӨЛҮМҮ, ОшМПУ | "Кыргыз республикасындагы инновациялык ишмердүүлүк, автордук чектеш укуктарды жана товардык белгилерди укуктук коргоо" аталыштагы конок лекция **https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid02uwqBtywC22jaCV8bzrLVpuE3qgybLKu6MynswNBq1vTnwL3jVvBtW9yN9qV63bYHl** |
| | Февраль 2024-ж. | Магистратура жана аспирантура бөлүмү | "**Айтматов ааламы**" атталыштагы илимий – усулдук семинар. https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid02hh6HAnUpMLE6mxe9DejPSGXWyZafVwgb7twi7ifR3c4e7DjQMaStLA9e2UTvMhkAl |
| | 2024-ж. 7-февраль | АУЦА, ОшМПУнун китепканасы | "Илимий изилдөө жүргүзүүдө ачык булактарды колдонуу" аталышындагы илимий семинар https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid06iBptquxXmqrChkriAxKweqmmVFtFsdchfWb3DbMaeC59ENLg2h7Mu8rnzDyNnaZl |
| | 30-март 2024-ж. | ОшМПУнун мектеп мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу, ЖОЖго чейинки даярдоо жана үзгүлтүксүз билим берүү бөлүмү ЮНИСЕФтин Ош шаарындагы өкүлчүлүгү | "Гранттык долбоорлорду кантип жазса болот" аталышындагы семинар https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid0B1x7NLzXiS7wn8imeKHwu6nysW3DCmPNpMhwYY8fBhoNkxT3ikXCph63zeB6uPXpl |
| | 25-март 2024- | Магистратура жана | "Жашыл экономика маселелерин жана |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ж. | аспирантура бөлүмү, Табият таануу жана география факультети https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid02zF3oTUEtZT8uAAN2cMHqN4jEeJdFvh9g5d3yzKow8ynipPeCWybTt4vdjYSdFf8G | билим берүү процессинде туруктуу өнүгүүгө карай билим берүүнү интеграциялоо” аталышындагы тегерек стол l | | |
| | | | | 2024-жыл, 26-март | ОшМПУ, Музыкалык-педагогикалык факуьтети https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid031Zw3Wuw8HmnTPBqQE6s97cEer4QQJ8WYFCBLjQhfPrxq8kdukpdfpRC1pv1iJ4Rel | “Нарктуу үй-бүлөлүк педагогика” аталышындагы студенттердин аймактык илимий-практикалык конференциясы | | |
| | | | | 2024-ж. 5-апрель | Магистратура жана аспирантура бөлүмү https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid02c3u5ipw8o34w1WofPzGdt1DK7beZYWgrM6hnZrMoe6C7kpv1t8DZb8Mq6cNphnwwl | “Сапаттуу билим – туруктуу өнүгүүнүн негизи” аталыштагы магистранттардын илимий конференциясы | | |
| | | | | 2024-жыл, апрель | ОшМПУ, Гуманитардык факультети https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid01GgPQa8AKAuqAnyjbSWzVfiYekdKPZUMfQVNi4mLyDigG7BKed6jxcY28TWc5GqNl | Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына карата “Автономиялуу облустан эгемендүүлүккө: Кыргыз мамлекетинин түзүлүшү жана өнүгүүсү” аталышындагы эл аралык илимий- практикалык конференция | | |
| | | | | 2024-жыл, 17-май | ОшМПУ, Музыкалык-педагогикалык факультети https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid03SvhvrbdWMH2vF4UxJaPWXZAoVbZ8V8B3nBf33ceR4sb976fgwfqEKP77MXNyvVNl | Профессор Каратай Сартбаевдин элесине арналган «Заманбапбашталгычбилимберүү:тажрыйбаларжанакелечеги» аттуу илимий-практикалык конфренция | | |
| | | | | 2024-жыл 16- | ОшМПУ, Музыкалык- | “Улуттук наркты сактоодо тил, | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | май | педагогикалык факуьтети https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid02kjaMDXmiSCm8RTB3Tm5755d5qSmQcFdcoKw4171frE5HuUJtaSxa9A53TZkzuXWFl | адабият жана элдик педагогиканын ролу, Муратовдук окуулар-2" аттуу эл аралык илимий-тажрыйбалык конференция | | |
| | | | | 2024-жыл 1-6-июль | ОшМПУ | "Илимий изилдөөнүн заманбап ыкмалары" илим изилдөөчүлөрдүн жана аспиранттардын жайкы мектеби | | |
| | | | | 2024-жыл 30-сентябрь | ОшМПУ https://oshmpu.kg/administraciya/ilimiy-zhana-syrtky-baylanyshtar-boyuncha-prorekto/2327-magistranttarga-arnalgan-ilimiy-seminarlar.html | "Магистрдик диссертацияны даярдоо" аталышында илимий семинар | | |
| | | | | 1-10 октябрь 2024-ж. | Табият таануу жана география факультети, ОшМПУнун колледжи | Тоо маселелери жана климаттын өзгөрүүсү боюнча тегерек стол https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid0C7cxyjeEnvCpgGhHXvfqiV2NbH6oZfszkSnrTTV3w79NL2wJoQrTT1KaanpCN8eTl | | |
| | | | | 21-октябрь 2024-ж. | КР Билим берүү жана илим министрлиги, М. Акмулла атындагы Башкыр мамлекеттик педагогикалык университети жана Ош мамлекеттик педагогикалык университети | "КЕЛЕЧЕККЕ КАРАЙ" АТТУУ II ЭЛ АРАЛЫК КЫРГЫЗ-ОРУС ФОРУМУ https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid0EtbXoEUwNWmK9CaBtfLss85bfbLe6VnjaVJiLiacXJdeTyECJFbtKPe1WT2EaPy9l | | |
| | | | | 2024-жыл, 22-октябрь | ОшМПУ, Кыргыз-Россия факультети https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid0RwDsL5kuBoeY5bopttyMEcK5EG3g322PUVYNxGqM4zsmh | Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими Сыдык Алайчиевдин элесине арналган "Агартуучулук-билим берүүнүн өзөгү" аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | H8REVaTxsz2eiyY6Mjzl | | | |
| | | | | 25-октябрь 2024-ж. | Ош мамлекеттик педагогикалык университети, Эл аралык Түрк Академиясы https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid02HT1nAr76dUB9YW6jbek7mL7kpCFvAtNCdKFjv1GHV4J1725w64jD9xm1hRsFVdw2l | “Жасалма интеллект доорундагы тилдерди окутуу менен изилдөөнүн санариптик трансформациясы: тоскоолдуктар менен мүмкүнчүлүктөр” аталышындагы эл аралык илимий конференция | | |
| | | | | 2024-жыл, 30-октябрь | ОшМПУ, Математика жана компьютердик технологиялар факультети https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid02cAZU5ByPRaP61jw8ecWcC32hCMVwr3RGGP9vrPfoqbXJWzWBDbREekNPaND6nciw | Миталип Тайировдун 70 жылдыгына карата “Студент жана инновациялык технологиялар” аталышында студенттердин аймактык илимий-практикалык конференциясы | | |
| | | | | 15-ноябрь 2024-ж. | Кыргыз Россия факультети https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid02LkZwcKunzQYJmzAEAKEqox2oL5fa6zPYXiEGVfHs6REfZ9e6vHTy8gXnCYs8FptUl | “Замана агымы жана төкмөлүк өнөрдүн айкашы” аталыштагы студенттердин илимий конференциясы | | |
| | | | | 2024-жыл. 12-ноябрь | ОшМПУ https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid02GdccriMQX3qyFLPwceCutTs97zRQ3Mo9CwAKNgQyT9a81vvYKnE9edARiZPyhqbjl | “Жогорку билим берүүнү “Университет 4.0” моделине трансформациялоодо илимий изилдөө иштерин ОшМПУда ишке ашыруу” аталышындагы тегерек стол | | |
| | | | | 21-22-ноябрь 2024-ж. | Музыкалык педагогикалык факультети https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid0yEJ4yf6JXeaQfqNEDFh9W5dCabNXiSdWZ8HJocwbziWEQvoYHr9kn7EBaZtWPQgHl | Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына карата ОшМПУ жана Кыргыз-Түрк "Манас" университети тарабынан уюштурулган II Эл аралык "Манас" педагогикалык изилдөөлөр конгресси | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 18-декабрь 2024-ж. | Магистратура жана аспирантура бөлүмү https://www.facebook.com/oshmpu.news/posts/pfbid0V3CddKCaym7eMXXjQLW978Nroog48S1FYsAqJ5qRKErVVzMWHmDs1sRBAX79Rjz9l | “Кыргыз жаранынын баалуулуктарын, салттуу баалуулуктарды сактоо жана бекемдөө боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун илимий негиздери” аттуу илимий-теориялык конференция |

5.4-1-тиркеме. Илимий иш араккеттерди жыл сайын белгилөө

5.4-2-тиркеме. Окуу-усулдук колдонмолордун жана монографиялардын факультеттер боюнча тизмеси

5.4-3-тиркеме. “Нарктуу үй-бүлөлүк педагогика” аталышындагы студенттердин аймактык конференциясы

5.5 - критерий. Билим берүү уюму илимий-метрикалык көрсөткүчтөр аркылуу персоналдын жана билим алуучулардын жарыялоо активдүүлүгүн жогорулатуу боюнча иш-чараларды жүргүзөт.

Ош мамлекеттик педагогикалык университети профессордук-окутуучулук курамдын жана билим алуучулардын **илимий жарыялоо активдүүлүгүн жогорулатуу** максатында системалуу түрдө иш-чараларды жүргүзөт. Бул ишмердик илимий-метрикалык көрсөткүчтөрдүн негизинде пландалып, илимий иштин сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган:

- окутуучуларга жана студенттерге илимий-метрикалык базалар (Scopus, Web of Science, РИНЦ, Google Scholar ж.б.) менен иштөө боюнча семинарлар жана тренингдер өткөрүлөт;
- илимий макалаларды эл аралык жана республикалык журналдарда жарыялоо үчүн методикалык жардам көрсөтүлөт;
- кафедралардын жана факультеттердин деңгээлинде илимий публикациялардын саны, цитаталанууе көрсөткүчтөрү жана индексинин динамикасы талданат;
- активдүү авторлор жана жогорку илимий-метрикалык көрсөткүчтөргө жеткен окутуучулар сыйлык жана стимулдаштыруу төлөмдөрү менен колдоого алынат;
- студенттер жана магистранттар үчүн илимий эмгектерди даярдоо жана жарыялоо боюнча конкурстар уюштурулат.

Бул иш-чаралар окутуучулар менен студенттердин илимий чыгармачылык маданиятын өнүктүрүүгө, эл аралык илимий мейкиндикке интеграциялануу жана университеттин илимий-метрикалык көрсөткүчтөрүн туруктуу жакшыртууга өбөлгө түзөт. Жүргүзүлгөн иш чаралардын негизинде университет төмөнкүдөй натыйжаларга ээ болду:

**ОшМПУнун профессордук окутуучулук курамынын РИНЦ жана Scopus илимий базаларындагы ишмердүүлүгү (https://www.elibrary.ru/org_profile.asp?id=20440#a4 сайтынан көрүүгө болот)**

1-таблица. elibrary.ru сайты боюнча ОшМПУнун профессордук окутуучулук курамынын көрсөткүчтөрү


| | |
|---|---|
| elibrary.ru сайтындагы макалалардын саны | 1214 |
| РИНЦ системасына кирген макалалардын саны | 1044 |

| | |
|---|---|
| РИНЦ ядросундагы макалалар | 6 |
| elibrary.ru сайтындагы макалаларга берилген шилтемелердин саны | 435 |
| РИНЦ системасындагы макалаларга берилген шилтемелердин саны | 296 |
| РИНЦ ядросундагы макалаларга берилген шилтемелердин саны | 9 |
| Индекс Хирша elibrary.ru сайты боюнча | 7 |
| Индекс Хирша РИНЦ боюнча | 6 |
| Индекс Хирша РИНЦ ядросу боюнча | 1 |
| авторлордун саны | 101 |
| Science Index те катталган авторлордун саны | 86 |

ОшМПУнун профессордук окутуучулук курамынын эмгектери жарыяланган журналдардын тизмеси




| Жылдар боюнча РИНЦ системасына чыккан макалалардын саны | Тематикалар боюнча жайгашышы |
|---|---|









РИНЦ системасындагы авторлордун макалаларынын саны




Авторлоштукта жазылган эмгектер




**Scopus илимий базасы боюнча маалымат**




2024-жыл ичинде Scopus илимий базасындагы журналдардан Ош мамлекеттик педагогикалык университети аффиляция болгон 12 илиммий макала жарык көргөн. Алар төмөнкү таблицада берилет:

2-табица. 2024-жылы Scopus илимий базасындагы журналдарга чыккан маклалар

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | The influence of urban green areas on health: a review | Absatarov, R.R., Uulu, A.M. | Ekologiya Cheloveka (Human Ecology), 31(2), страницы 95–106 | 2024 |
| 2 | Analysis of the medicinal flora of the Kurshab River basin in Eastern Alay to preserve biodiversity | Karimov, B., Dursunbaeva, A., Babekov, A., Umetaliev, M., Abzhaparova, A. | E3S Web of Conferences, 537, 05009 | 2024 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 3 | Phytocenotic characteristics and reserves of the main medicinal plants of the northern slopes of the Alay Range (Kyrgyzstan) | Dolonova, G.M., Omurova, K.O., Burkanov, N.R., Sodombekov, I.S. | E3S Web of Conferences, 537, 07003 | 2024 | | |
| | | 4 | Terpenoid coumarins and macro- and microelement composition of three types of roots of plants of the Genus Ferula L. | Babekov, A., Murzubraimov, B., Abjaparova, A., Dursunbaeva, A., Akhunbaeva, T. | E3S Web of Conferences, 537, 05007 | 2024 | | |
| | | 5 | Resource characteristics of the natural distribution of medicinal plants Ziziphora clinopodioides Lam. in the Naryn region of the Inner Tien Shan | Omurova, K.O., Dolonova, G.M., Burkanov, N.R., Sodombekov, I.S., Dursunbaeva, A. | E3S Web of Conferences, 537, 09001 | 2024 | | |
| | | 6 | Distribution and quantitative indicators of the brown rat (Rattus norvegicus) in the southern region of Kyrgyzstan | Atabekov, U., Abzhamilov, S., Sarymsakova, A., Kudaiberdi, Z., Iliyazov, Z. | E3S Web of Conferences, 537, 05010 | 2024 | | |
| | | 7 | Effects of cooking time, NaOH concentration, and temperature on the quality parameters of cellulose obtained from safflower stem | Zhunusalieva, E.Z., Matkasymova, D.T., Kubanych Uulu, J., Moldaliev, J.T., Murodov, M.M. | E3S Web of Conferences, 537, 10006 | 2024 | | |
| | | 8 | Main representatives of the natural origin of the Genus Salix L. in the southern regions of Kyrgyzstan | Absatarov, R., Mamasadyk Uulu, A., Samieva, J. | E3S Web of Conferences, 537, 05005 | 2024 | | |
| | | 9 | Qualitative and quantitative determination of ferulic acid by HPTLC and HPLC methods in root resin of Ferula Tadshikorum | Barakaeva, D., Mukarramov, N., Babekov, A., Zhamolova, L., Turatbekov, M. | E3S Web of Conferences, 537, 05021 | 2024 | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 10 | Algae as indicators of water quality based on the example of the Kugart River and their seasonal changes | Boronbaeva, A., Karimov, B., Attokurov, K., Moombekov, S., Abdyrakhmanova, Z. | E3S Web of Conferences, 537, 05008 | 2024 | |
| 11 | Ferlapioside: a new bromine substituted iridoid glycoside from the roots of Ferula lapidosa Korovin | Li, X.-X., Khasanova, K.I., Shang, J.-H., ... Eshbakova, K.A., Zhang, Y.-J. | Natural Product Research | 2024 | |
| 12 | Chemical Constituents of Ferula lapidosa | Babekov, A.U., Khasanova, K.I., Eshbakova, K.A., Turgunov, K.K., Tashkhodzhaev, B. | Chemistry of Natural Compounds, 60(1), страницы 177–179 | 2024 | |

5.6 - критерий. Билим берүү уюму илимий изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча өлкөнүн же аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салым кошкон.

ОшМПУ педагогикалык тармак үчүн заманбап билимге жана кесиптик көндүмдөргө ээ адистерди даярдайт. Билим берүү системасынын негизги максаты — тез өзгөрүп жаткан илимий-технологиялык шарттарда иштей алган, компетенттүү жана ийкемдүү адистерди тарбиялоо болуп саналат. Бул максатты ишке ашыруу үчүн бүтүрүүчү кафедралар окуу дисциплиналарынын мазмунун үзгүлтүксүз жаңылап турушат. Ар бир окуу программасы заманбап илим жана технологиянын акыркы жетишкендиктерине ылайыктап жаңыртылат. Бул үчүн төмөнкү механизмдер колдонулат:

- профессионалдык стандарттарды дисциплиналардын мазмунуна интеграциялоо, бул программалардын эмгек рыногунун талаптарына шайкештигин камсыз кылат;
- бардык багыттар боюнча жаңы IT-технологиялар курстары (мисалы, жасалма интеллект, робототехника ж.б.) киргизилген;
- жумуш берүүчүлөр жана тармактык адистер окуу программаларын баалоого, кайра иштеп чыгууга катышып, бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестациялык комиссияларына мүчө катары тартылат.

2. Илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын билим берүү программаларына интеграциялоо

Университеттин профессордук-окутуучулук курамының (ПОК) илимий иштери боюнча алынган жаңы теориялык жана практикалык жыйынтыктар дисциплиналардын окуу материалдарына киргизилет. Окутуучулар өз изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары негизинде автордук лекциялык курстарды, семинарларды жана практикалык сабактарды иштеп чыгышат. Жумушчу окуу пландарынын мазмуну талкууланганда, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн университеттеринин программалары менен салыштыруу жүргүзүлөт. Бул — мазмунду бирдиктүү форматка келтирүүгө жана заман талабына ылайык актуалдаштырууга шарт түзөт.

3. Сапатты камсыз кылуу жана үзгүлтүксүз өркүндөтүү системасы

Университетте ар кайсы дисциплиналар боюнча ачык сабактар үзгүлтүксүз өткөрүлөт. Алардын жыйынтыгы талкууланып, зарыл учурда дисциплиналарды заманбап талаптарга ылайык жакшыртуу сунуштары берилет. Жумушчу программалардын актуалдуулугун камсыздоо үчүн рецензент катары практик адистер жана иш берүүчүлөр тартылат. Алар кафедра жыйындарына катышып, дисциплиналардын мазмуну боюнча пикир беришет. Кафедралардын жана усулдук кеңештердин пландуу жыйындарында билим берүү программаларынын сапатын жогорулатуу боюнча маселелер каралат жана тиешелүү иш-чаралар пландалат. Ар жыл сайын профессордук-окутуучулук курамдын окуу-усулдук комплекстерине (УМК) мониторинг жүргүзүлөт. Жыйынтыгы боюнча окуу пландары, силлабустар жана УМКлар жаңыртылып, бекитилет. ОшМПУ илимий-изилдөө ишмердиги, билим берүү мазмунунун жаңылануусу жана эл аралык кызматташуу аркылуу өлкөнүн жана аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө реалдуу салым кошууда. Университеттин илимий жетишкендиктери билим берүү системасын жаңылоого, эмгек рыногунун талаптарына жооп берген адистерди даярдоого жана аймактык инновациялык өнүгүүнү камсыз кылууга багытталган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы ПЖ № 369 - Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолунда Кыргыз Республикасында асманды, жерди, абаны, сууну, адамды жана коомду дүйнөлүк, заманбап илимий-методикалык негизде изилдөөнүн маанилүүлүгүн эске алып, аларды жолго коюунун ыкчам чараларын көрүү милдеттери коюлган. Ошону менен бирге эле илимдин өнүгүшү менен мамлекеттин өнүгүшүнүн бири-бири менен өтмө катар байланышта болуп, илим тармактары өнүкпөгөн мамлекеттин келечеги жок экендигин, келечеги жок мамлекетте илим тармактары өнүкпөй тургандыгы баса белгиленген. Кыргыз жарандарынын аң-сезимине адам менен жаратылыштын эриш-аркак өнүгө тургандыгы, табияттын аялуу дүйнө экендиги жөнүндөгү түшүнүктөрдү бекем орнотуу менен жаратылыш байлыктарын сарамжалдуу, ага зыян келтирбегендей этияттык менен пайдалануу, экотутум булактарын коргоо жана аны түзүп турган ар бир көрүнүшкө жана кубулушка аяр мамиле жасоону, күчөп бара жаткан климаттык өзгөрүүлөрдүн таасирлерин азайтуу; аларга ылайыкташуу билимин, жүрүм-турум эрежелерин өздөштүрүүнү милдеттендирген. Ошондуктан жогорудагы милдеттерди аткаруу максатында университеттин окумуштуулары тарабынан илимий долбоор жазылып мамлекеттик заказ аткарып келишет. 2024-2026-жылдарга карата “**Ош шаарынын жашыл зоналарындагы дарак жана бадалдар флорасынын экологиялык абалын изилдөө”** аталышындагы илимий изилдөө долбоору иш алып барууда. Бириккен улуттар уюму тарабынан кабыл алынган 2030-жылга чейин туруктуу өнүгүү максаттарынын 3-максаты: “Жакшы ден соолук жана бакубаттуулук” - деп аталып 2030-жылга чейин, зыяндуу химиялык заттардын таасиринен жана абанын, суунун жана топурактын булгануусунан жана ууланууусунан болгон өлүмдөрдүн жана оорулардын санын азайтуу милдеттендирилген. Мындай маселелерди чечүүдө айлана-чөйрөнү жашыл бак-даректар менен камсыздоо негизги мааниге ээ. Жашыл өсүмдүктөр шаар чөйрөсүнүн негизги табигый комплекси, алар чөйрөнү коргоочу, чөйрө түзүүчү, санитардык-гигиеналык жана архитектуралык-пландоочу ролду аткарышат.

Ошону менен бирге эле туруктуу өнүгүү максаттарынын 11-максаты: “Туруктуу шаарлар жана калктуу

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | конуштар” – деп аталып, мында дүйнөлүк маданий жана жаратылыш мурастарын коргоо жана сактоо боюнча аракеттерди күчөтүү, 2030-жылга чейин баарына, айрыкча аялдарга жана балдарга, улгайган адамдарга жана майыптарга коопсуз, жеткиликтүү жана ачык болгон жашыл аймактарды жана коомдук жайларды ачуу милдеттери коюлган. Бул өңүттөн алып караганда, жашыл өсүмдүктөрдүн негизги функциялары шаардын туруктуу өнүгүүсүн камсыздоого, климаттын туруктуулугун сактоого, адам баласы үчүн жашаган жеринде жагымдуу шарттарды түзүүгө, атмосфералык абаны таза кычкылтек менен камсыз кылууга, шаардын өнүгүүсү үчүн зарыл болгон табигый коомдоштукту жана биокөптүрдүүлүктү сактоого негизделген.<br>Мындан тышкары туруктуу өнүгүүнүн 13-максаты болгон “Климаттын өзгөрүүсүнө каршы күрөшүү” тармагында да биздин аткаруучу долбоор климаттын өзгөрүүсүнүн кесепеттерин жумшартуу жана азайтуу, аларга адаптация болуу жана алдын алуу боюнча маалымат берүүнү жана адамдардын жана ишканалардын мүмкүнчүлүктөрүн жакшыртуу милдеттерин аткарат. Анткени шаардын жашыл инфраструктурасы глобалдык жылуулуктун жана шаардык жылуулук аралынын таасирин азайтуунун негизги инструменттеринин бири болуп эсептелет. Жашылдандырылган аймактар шаар чөйрөсүнүн климаттык мүнөздөмөлөрүнө (температуралык режим, абанын нымдуулугу) таасирин тийгизет, аба агымдарын жөнгө салууга көмөктөшөт, үн чагылтуучу жана үн жутуучу касиеттеринен улам шаардык ызы-чуунун деңгээлин төмөндөтөт.<br>Жыйынтыктап айтканда учурда шаардын жашыл зоналарынын экологиялык абалын илимий жактан изилдөө учурда актуалдуу. Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолун жана Бириккен улуттар уюму тарабынан кабыл алынган жогорудагы Туруктуу өнүгүү максаттарынын милдеттерин чечүүгө болгон аракеттер аткарылып жаткан илимий долбоордун актуалдуулугун арттырат.<br>5.6-1-тиркеме. Аткарылып жаткан долбоор боюнча маалымат 2024-ж.<br>5.6-2-тиркеме.Аткарылып жаткан долбоор боюнча маалымат 2025-ж.<br>5.7 - критерий. Билим берүү уюму жаш окумуштууларды колдоонун ыкмаларына жана каражаттарына ээ.<br>Ош мамлекеттик педагогикалык университети жаш окумуштууларды жана изилдөөчүлөрдү колдоого багытталган системалуу иш жүргүзөт. Университеттин илимий саясатында жаш кадрлардын илимий потенциалын өнүктүрүү, илимий чыгармачылыкка кызыгуусун арттыруу жана алардын академиялык өсүшүн колдоо артыкчылыктуу багыттардын бири болуп саналат. Университет жаш окумуштуулар жана аспиранттардын демилгелерин колдоп, алардын илимий долбоорлорго катышуусуна көмөктөшүү үчүн “ОшМПУнун жаш окумуштуусу” конкурсун уюштурат. Конкурстун максаты - университеттин факультеттериндеги, колледжиндеги жаш кызматкерлердин кесиптик жана илимий деңгээлин жогорулатуу, ошондой эле алардын чыгармачылык активдүүлүгүнө дем берүү эсептелет (5.7-1- 5.7-2-тиркемелер).Илимий жыйындарда, конференцияларда жана долбоорлордо активдүү катышкан жаш окутуучулар жана изилдөөчүлөр акчалай сыйлыктар, ыраазычылык каттар жана Ардак грамоталар менен сыйланат. Университеттин ички гранттык колдоо программасы аркылуу жаш окумуштуулардын чакан долбоорлору каржыланат (5.7-3 тиркеме). 2025-жылга карата А. Ырысбаева тарабынан “Сабакты кызыктуу жана натыйжалуу өтүү үчүн электрондук ресурстарды жана жасалма интеллектти билим берүү процессине интеграциялоо: учурдагы тренддер жана келечектеги мүмкүнчүлүктөрү” аталышындагы долбоор ишке кирип 100 000 сом өлчөмүндө ички грант берилди (5.7-5-тиркеме). | |

5.7-1-тиркеме. «Жылдын жаш окумуштуусу» конкурсунун жобосу

5.7-2-тиркеме. ОшМПУнун жаш окумуштуусу конкурсунун жеңүүчүлөрү

5.7-3 тиркеме. Ички гранттарды берүү жөнүндө жобосу

5.7-4-тиркеме. Атарылып жаткан долбоорлор боюнча маалымат.

5.7-5-тиркеме. Ырысбаева А. Тарабынан аткарылуучу долбоор

5.8 - критерий. Билим берүү уюму илимий иштеп чыгууларды өндүрүшкө киргизет, ошондой эле илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын коммерциялаштырат.

Ош мамлекеттик педагогикалык университети илимий-изилдөө ишмердигинин натыйжаларын өндүрүштүк жана социалдык практикага киргизүү, ошондой эле аларды коммерциялаштыруу багытында системалуу иштерди жүргүзөт. Университеттин стратегиялык максаттарынын бири — илим менен өндүрүштүн өз ара байланышын чыңдоо жана иштеп чыгууларды экономиканын реалдуу секторлоруна колдонуу.Университеттин илимий-изилдөө лабораториялары жана кафедралары тарабынан иштелип чыккан инновациялык усулдар, технологиялар жана окуу-методикалык өнүгүүлөр билим берүү, экология, биология, психология, педагогика сыяктуу тармактарда өндүрүш жана практикада колдонулууда. Педагогикалык адистиктер боюнча иштелип чыккан автордук методикалар жана окутуу технологиялары аймактагы мектептерде, бала бакчаларда жана колледждерде ийгиликтүү ишке ашырылган. Табигый-илимий факультеттин экологиялык долбоорлору аймактагы айлана-чөйрөнү коргоо жана БУУнун Туруктуу өнүгүү максаттары менен интеграцияланган.

Университетте илимий өнүгүүлөрдү коммерциялаштыруу максатында «Бизнес идеяларды ишке ашыруу» борбору иш алып барат. ОшМПУнун студенттери бизнес идеяларды ишке ашыруу максатында окуу жай жана эл аралык уюмдар (Ага Хан жана Юсаид) тарабынан 1 474 000 сом өлчөмүндөгү кайтарымсыз гранттарды алышып ишкердикти баштоосуна мүмкүнчүлүк алышты:

1. Абдивалиева Айгерим, Келдибек кызы Канықей -“Тирек” кол өнөрчүлөр клубу
2. Даниярбекова Гүлшанай -“САПАТ” тигүү цехи
3. Мырзабек кызы Акмаанай –“Эко биогумус”
4. Айгузал Акылбек кызы –Кондитер азыктарын иштеп чыгуу
5. Айзат Абдихаликова – тигүү цехи
6. Мухаммед Шамырбеков –Гумус
7. Гулиза Исамидин кызы –Кол өнөрчүлүк

Университетте ОшМПУнун студенттеринин инсандын социалдык ийгиликке жетүүсүн камсыздоо жана студенттердин стартап бизнес идеяларын ишке ашыруу маселелери жолго коюлду.

“Тирек” кол өнөрчүлөр клубу -Кыргыз Россия факультетинин студенти Өскөнбай кызы Жайнагүл. Окуу жай 4 тигүү машина жана 2 оверлок менен камсыздап берди.Учурда заказдарды алып жана тиккен кийимдерин ижарага берип иштеп жатышат;

Компьютердик сабаттуулук курсу – Математика жана информатика факультетинин магистранты Эргешбай кызы Аселкан. Студенттердин жана жашоочулардын заман талабына жараша компьютердик сабаттуулугун жогорулатуу курсу иштеп баштады;

Тигүү-бычуу курсу – Математика жана информатика факультетинин студенти Советбек кызы Зулайка. 29 студент аталган курсту аяктады.

Университет иштеп чыккан автордук усулдук материалдар, электрондук окуу куралдары, тренинг-программалар жана билим берүү платформалары рыноктук шартта жайылтылып, өндүрүш жана билим берүү мекемелерине сатуу негизинде берилет. Жаш окумуштуулардын инновациялык стартап-долбоорлоруна университет гранттык жана методикалык колдоо көрсөтүп келүүдө.

5.8-1-тиркеме. Бизнес идеяларды ишке ашыруу борбору

5.8-2-тиркеме. Борбор тарабынан утуп алынган гранттар

**Күчтүү жактар:**

1. ОшМПУ бардык кызыкдар тараптар үчүн улутуна, жынысына же ден соолугунун абалына карабастан, **билим алууда жана илим изилдөөдө тең укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат;**
2. Профессордук окутуучулук курам, магистранттар, аспиранттар жана студенттер тандаган адистиги боюнча үзгүлтүксүз билим алууга, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жана өзүнүн кесиптик деңгээлин жогорулатууга **жетиштүү мүмкүнчүлүктөргө жана ресурстарга ээ;**
3. **Академиялык мобилдүүлүк программалары өнүккөн:** университет эл аралык өнөктөштөр менен активдүү кызматташат, алыскы чет өлкөлөргө аспиранттарга, магистранттарга жана студенттерге академиялык мобилдүүлүктү уюштуруу жолго коюлууда;
4. Башка жогорку окуу жайларда алынган билим жана квалификацияларды таануу боюнча **жөнгө салынган саясат бар,** бул студенттердин академиялык мобилдүүлүгүнө өбөлгө түзөт;
5. **Мамлекеттик үлгүдөгү билим берүү документтери:** дипломдор кош тиркемеси менен эки тилде (анын ичинде европалык үлгүдө) берилет, бул бүтүрүүчүлөргө эл аралык деңгээлде ишке орношууга же окуусун улантууга мүмкүнчүлүк берет.

**Алсыз жактар:**

1. **Эл аралык мобилдүүлүк үчүн ресурстардын чектелүүлүгү:** университет чет өлкөлүк жогорку окуу жайлары менен активдүү кызматташканына карабастан, мындай келишимдердин жана программалардын саны ири эл аралык окуу жайлар менен салыштырмалуу аз;
2. Кош дипломдуулук маселелери ишке кире элек.

## Корутунду

ОшМПУнун Билим берүү программалары менен өнүгүүсү университеттин өнүгүү миссиясына жана стратегиясына ылайык жүргүзүлөт. Билим берүү программасынын максаттары жана милдеттери бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапаты жөнүндө окутуучулардын, студенттердин, ишканалардын жана мекемелердин практика жетекчилеринин, иш берүүчүлөрдүн пикирлерин, бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга даярдыгы жөнүндө пикирлерин изилдөө процессинде аныкталат, бааланат жана оңдолот. Билим берүү ишмердүүлүгү биздин өлкөнүн жана жакынкы чет өлкөлөрдүн муктаждыктарына багытталган. Университетте билим берүүнүн сапатын башкаруу системасы иштелип чыккан жана ишке ашырылууда. Сапат саясаты кызыкдар тараптарды (кызыкдар тараптарды) тартуу менен ар кандай деңгээлдеги жетекчилер менен талкууланат. Жумушчу окуу пландарын жана окуу дисциплиналарынын программаларын кайра кароо жыл сайын билим берүү программаларынын максаттарына жана натыйжаларына ылайык жүргүзүлөт.

Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин билим берүү чөйрөсүндөгү институционалдык ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген билим берүү уюмдарын аккредитациялоо боюнча талаптарга жана критерийлерге, ошондой эле улуттук жана эл аралык сапат стандарттарына ылайык комплекстүү бааланды.

Аккредитациялоо процессинин алкагында университеттин негизги ишмердүүлүк багыттары төмөнкү стандарттар боюнча талдоодон өткөрүлдү:

**1. Билим берүү сапатын камсыз кылуу саясаты.** Ош мамлекеттик университетинде билим берүү сапатын камсыз кылуу саясаты институционалдык деңгээлде иштелип чыккан жана университеттин стратегиялык өнүгүү максаттары менен шайкеш келет. Сапатты камсыз кылуунун ички тутуму түзүлгөн, билим берүү программаларынын сапатын баалоо жана үзгүлтүксүз өркүндөтүү механизмдери иштейт. Окутуу процессине кызыкдар тараптардын пикирлерин эске алуу тажрыйбасы жолго коюлган;

**2. Адам ресурстарын башкаруу.** Университетте адам ресурстарын башкаруу системасы мыйзамдык талаптарга ылайык уюштурулган. Окутуучулук-профессордук курамдын сапаттык курамы жогорку деңгээлде, илимий даражалуу кызматкерлердин үлүшү жетиштүү. Кадрларды тандоо, жайгаштыруу, квалификациясын жогорулатуу жана кесиптик өнүгүүсүнө шарт түзүү боюнча иш-чаралар үзгүлтүксүз жүргүзүлөт;

3. **Материалдык жана маалыматтык ресурстар.** Ош мамлекеттик университети билим берүү процессин ишке ашырууга зарыл болгон материалдык-техникалык жана маалыматтык ресурстар менен камсыздалган. Окуу корпустары, лабораториялар, китепкана фонду, электрондук маалымат базалары жана санариптик окутуу платформалары билим берүү программаларынын талаптарына жооп берет жана үзгүлтүксүз жаңыланып турат;

4. **Финансылык ресурстарды башкаруу.** Финансылык ресурстарды башкаруу системасы ачыктык, туруктуулук жана натыйжалуулук принциптеринин негизинде жүргүзүлөт. Университеттин бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы каражаттары максаттуу пайдаланылып, билим берүү жана илимий ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө багытталат. Финансылык пландоо жана отчеттуулук белгиленген тартипте жүргүзүлөт;

5. **Илимий иш (жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү уюмдары үчүн).** Университетте илимий-изилдөө ишмердүүлүгү институционалдык деңгээлде уюштурулган. Окутуучулар менен изилдөөчүлөрдүн илимий активдүүлүгү, илимий долбоорлорго жана гранттык программаларга катышуусу байкалат. Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары билим берүү процессине интеграцияланып, студенттердин илимий ишке тартылышына шарт түзүлгөн.

Жогоруда жүргүзүлгөн талдоонун негизинде Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин билим берүү чөйрөсүндөгү институционалдык ишмердүүлүгү аккредитациялоонун белгиленген стандарттарына жана критерийлерине **жалпысынан жооп берет** деп бааланат.Ош мамлекеттик педагогикалык университети билим берүү сапатын камсыз кылуу, кадрдык потенциалды өнүктүрүү, материалдык-техникалык жана финансылык ресурстарды натыйжалуу пайдалануу, ошондой эле илимий ишмердүүлүктү өркүндөтүү багытында туруктуу иш алып барган жогорку билим берүү уюму катары мүнөздөлөт.